КҮЛҮЙПА ЖУМАЛИЕВА

# Жаркын

Күлүйпа Жумалиева

# ЖАРКЫН

*Ырлар*

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Ж 88

**Жумалиева Кулүйпа.**
Жаркын: Ырлар, повесть. – Б.: Улуу Тоолор, 2017. – 108 б.

ISBN 978-9967-470-77-4

**Ж 4702300200–17** **УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-470-77-4 © Жумалиева К., 2017

## Капамын

Мен жөнөкөй, эң жөнөкөй апамын,
Талант мага кеч келгенге капамын.
Улгайдым деп, жатып албай жазамын,
Ээси болом эң жөнөкөй ырлардын.

Бир караса жөнөкөй эле апамын,
Эргүүм келсе жаза коюп жатамын.
Эли-журтум бар эмеспи окуган,
Эстегенде окуса деп жазгамын.

*10-май, 2015-ж.*

## Сактап ал

Балам сага айта турган сөзүм бар,
Угуп алып, акылыңа түйүп ал.
Адамдык сапатыңды бийик карма,
Улуулардын айткандарын сактап кал.

Айтылса эгер жакшы сөздөр,
түпкү салттар,
Арт жакта урпагыбыз окуп калаар.
Текчесине апам берген байлыгым деп,
Аздектеп чаң жугузбай коюп алаар.

*12-февраль, 2015-ж.*

## Ат-Башым

Кудайым берген көркүңдү,
Ардактадым Ат-Башым.
Айтпай коюп сени мен,
Жата албадым Ат-Башым.
Босогоң менен Сары-Талдын,
Боорунда өстүм Ат-Башым.
Чоң төрүң менен кич төр,
Койнуңда өстүм Ат-Башым.
Тегерек булак суундун,
Жээгинде өстүм Ат-Башым.
Ак чач эне сыяктуу,
Пейлиң кенен Ат-Башым.
Атыр жыттуу абаңдан,
Айланайын Ат-Башым.
Бийик тоого курчалган,
Көркөмүң сонун Ат-Башым.
Төрлөрдөн аккан сууларың,
Дары белем Ат-Башым.
Көйкөлөсүң жайында,
Сымбаттуу белең Ат-Башым.
Мактасам сөзүм жетпеди,
Кагылайын Ат-Башым.
Көз алдымдан кетпейсиң,
Кантейин эми Ат-Башым.

Балапан кезден бапестеп,
Багып бир келдиң Ат-Башым.
Бар байлыгың элиңе,
Арнап бир келдиң Ат-Башым.
Жаман-жакшы ичиңе,
Батырып келдиң Ат-Башым.
Бар менен жокту билгизбей,
Асырап келдиң Ат-Башым.
Элдериң момун байыртан,
Туура айтамбы Ат-Башым?
Ток пейил, чынчыл, эр жүрөк,
Элиңден сенин Ат-Башым.
Секелек кезде тоолордо,
Чоңойдум эле Ат-Башым.
Селкинчек тээп, гүл терип,
Ойнодук эле Ат-Башым.
Сенден кетип каларды,
Билбепмин анда Ат-Башым.
Сендеги калган кезди ойлоп,
Кейидим эми Ат-Башым.
Кейигенде келмекпи,
Туталандым, Ат-Башым.
Обо, Туюк, Байтөлөө,
Жайлооңду катуу, сагындым.
Барганда изим издесем,
Табаар белем Ат-Башым?

Келдиңби? – деп жадырап,
Тосоор белең Ат-Башым?
Балалыкты эскертип,
Койоор белең Ат-Башым?
Бизге окшогон кыз-уулду,
Өстүрө бер Ат-Башым.
Билимдүү чыгып балдарың,
Атың чыксын Ат-Башым.
Баркыңды сенин баалаган,
Балдарың өссүн Ат-Башым.
Бажырайып күн сайын,
Ажарың өссүн Ат-Башым.

*29-июль, 2015-ж.*

**Чоң түп карагат**

Жамгыр жууган мөлтүр бышкан карагат,
Кайда калдың жүрөгүмдү жаралап.
Жабыр тартып жете албадым өзүңө,
Бүгүн келдим шактарыңды аралап.

Көңүлүмдө көбөйдү го деп самап,
Абал кандай, көбөйдүңбү балалап?
Күнөс жерде чоң түп элең жайнаган,
Эми минтип калган экен жабыркап.

Шактарыңды сындырган го жулмалап,
Аттиң дедим ички сезим канталап.
Көлөкөңө араң келип отурдум,
Көпчүлүктү кимдер кантип тыя алмак?

**Тоолорго толгонуу**

Неге мынча тоону жакшы көрөмүн,
Толкуп ташып, туйлап турат жүрөгүм.
Тобокел деп жашым ойдо болсо да,
Тоорулуп мен, дале өзүңдө жүрөмүн.

Жаз келгенде тоого барып сырдашам,
Тоолор менен акылдашам, муңдашам.
Жыйып алып асыл ойдун тизмегин,
Сага арнап, чын пейлимден ыр жазам.

Тоолор мага жашоо алып келесиң,
Тоолор мага сүйкүмдүүбү элесиң?
Келбей калсам жашоом тоодо
калгансыйт,
Тоодон айдайм, мен жашоонун кемесин.

**Баа жеткис жаштык**

Кетти мына кулгун өмүр шашыла,
Бир кылчайып карап койбой артына.
Гулдөй жайнап кайда кетип калдың сен,
Куйут тартып кала бердим сагына.

Жаштыктын баркына биз жеттик бекен?
Барктабай же өткөрүп алдык бекен?
Оомалуу-төкмөлүү го бул жалганың,
Оолугуп, бизди таштап кеткен экен.

Жаш күнүң артта калып, жүрөктү эзген,
Жадырап, келе калбас эми күтсөм.
Аттиң ай, жашоо деген ушу тура,
Аптыгып жаңылбасын, ар бир сөздөн.

Кош эми, сенде калды жакшы элес,
Сагынып ар убакта, эстен кетпес.
Бирок да, айла канча коштошомун,
Эми мен улгайганга окшошомун.

## Көңүл бурсак

Ырым менен бир жакшы ойду
айтып алмак,
Жазам деген ой түрмөгүн жазып калмак.
Жазылса эгер мен көксөгөн жакшы оюм,
Бул адатым көңүлүмдү ачып алмак.

Жан сырымды курдашыма айтып алмак,
Жай отуруп черибизди жазып алсак.
Жарашат го эми бизге бул турмушуң,
Жашоо балын колдон келсе татып турсак.

Жайлоолорго эс алганга барып турсак,
Дасторкондо даам татып, жай отурсак.
Дал ошондо, ырымды окуп курдашыма,
Маани берип, ырларыма көңүл бурсак.

## Эки жаш жана мен

Күттү жигит сүйгөн кызын ашыга,
Улам-улам карап коёт саатына.
Жүрөгүндө сүйүү оту жалбырттап,
Басып жүрөт ары бери аптыга.

Келди кызы көптөн кийин кечигип,
Тосуп алды чуркап барып энтигип.
«Неге мынча кечиктиң» деп сурады,
«Кечирип кой, калдым» деди «кечигип».

Жаштар жүрдү көпкө чейин сырдашып,
Кубанышып, жүздөрүнөн нур чачып.
Бүгүн алар ак сүйүүгө арбалды,
Калса экен тилегиңер ишке ашып.

**Ысык-Көлгө**

Көөнөрбөс көркөмдүк берген экен
көлүңө,
Сулуулук менен aруулук айкалышат
көлүңө.
Тазалык менен ыйыктык да келет экен
көлүңө,
Таштары алтын, жери алтын не деп
айтсам көлүңө.

Тал, терек, кайың бактарың жарашып
турат көлүңө,
Нечен-нечен өзөн суу куят экен көлүнө.
Алыстан келген коноктор, мактоо айтат
көлүңө,

Ажайып коосдук, назиктик ашык
болуп көлүңө,
Кете албай жашап калыптыр,
жуурулушуп көлүңө.

**Бир адамга**

Кабак түйүп какшык сөзүң айтпагын,
Мен жазайын көңүл ачык турганда.
Жүрөктөгү жаза турган ырларым,
Мен жазайын арт жагымда балдарга.

Жөлөк болот жылуу сөзүң айтканда,
Мен жазайын илхом келе калганда.
Мени мезгил токтото албайт, тыя албайт,
Мен жазайын кайрат күчүм барында.

**Кыялымда**

Керүүдөн жылкы айдасак,
Керилте желе байласак.
Келип кеткен кишиге,
Бал кымыз берип сыйласак.

Балдарым кымыз ичишсе,
Багылан козу эт жесе,
Бар байлыгым чачып мен,
Бакытка тунуп турсам ээ.

Салкын жел жүздү сыласа,
Жадырап жаным кубанса,
Кары адамга не керек,
Балдарың сени сыйласа.

Аталар турса барпаңдап,
Балдардын жолун мен карап.
«Балдарың келди кемпир» деп,
«Бол эми, бачым эми» деп.

Небереҥ турса жанында,
Алганың турса маңдайда.
Андан бир башка не керек?
«Апалап» турса келин да.

Кызым кымкап кийгизип,
Күйөө ызаат билгизип.
Тайэне деп жээндерим,
Колтуктап үйгө киргизип.

Чогултуп алып балдарды,
Толкуп ташып биз турсак.
Айтаарга сөздү таба албай,
Далайга чейин отурсак.

Жадырап турсаң жанымда,
Нуска сөз айтып балдарга.
Тегеректеп балдарым,
Мен аларга турсам жалына.

**Балама насаат**

Кайгырба балам мезгилдер өтөт,
Унутуп койчу күндөрүң келет.
Убайым тартып, кыйнаба жанды,
Тагдырга адам баш ийип келет.

Кызымдын жолу ачылсын кенен,
Бак берсин деп кудайдан тилейм.
Узун өмүр ыйманын каалап,
Адамдык аруу сапаты менен.

Чолпонум менин, чолпондой кызым,
Болсун деп Чолпон, бергенбиз ысым.
Чогулуп келип, той бердик элге,
Бактылуу болуп чоңойсун кызың.

**Кыргыз тилге**

Баркына жетип өз тилдин,
Баалап алгын, жаштар ай.
Кыргыз тили кыргызга,
Жат болбосун, жаштар ай.

Нукура кыргыз тилинде,
Сүйлөгүлө, жаштар ай,
Өз тилинди өзгөртүп,
Койбогула, жаштар ай.

Ата бабаң өз тилиң,
Сактап келген, жаштар ай.
Улам арткы муундарга,
Улап кеткин, жаштар ай.

Башка тилди өзүнчө,
Үйрөнө бер, жаштар ай.
Көп билсең башка тилдерди,
Кор болбойсуң, жаштар ай.

## Курдашка

Жакшы көргөн мурунтадан жан курдаш,
Шашпай отур, мени менен бир сырдаш.
Сый урматты көрө турган чагыбыз,
Мына минтип алтымыштан ашып жаш.

Күлгүндөйдөн бирге жүргөн
жан курдаш.
Бир чөйчөктөн бал кел курдаш.
Мезгил бизди багындырып баратат,
Курбум менин аянбастан, бир чер жаз.

## Доктур Кубатка

Жаткан оору адамдарга келесиң,
«Жакшыбы» деп жалпы элге бирдейсиң.
Жоопкерчилик болбосо эгер Кубатта,
Жок болмок да бул адамдык сапат да.

Мен даттанбайм, доктурларды
жактаймын,
Рахматтан башканы мен айтпаймын.
Бар болушсун, ден соолукта жүрүшсүн,
Амандыгын бир Алладан сураймын.

**Эргүүм менин**

Кээде күтөм эргүүм качан келет деп,
Кайда кетти, күтө берем кайгы жеп.
Күткөн эргүүм түн ортосу болсо да,
Кирип келет, «уктабагын эми» деп.

Эргүүм келсе уктабаймын эч качан,
Эми мына ыр жазганга окшошом.
Таң атайын деп калганда аргасыз,
Эргүүм менен убактылуу коштошом.

Кээде эргүүм жол жүргөндө келеби?
Жолдон байкуш кыйналбасын дегенби,
Дептеримди, калемимди таба албай,
Айта көрбө,
шашканымдан азабымды жегенди.

**Жеңекем**

Көп кыйындык баштан өтүп,
Муюган жок жеңекем.
Кандай гана оор турмуш,
Көтөрүп келди жеңекем.

«Эси жок келин» дедирбей,
Намыска бек жеңекем,
Балдарың өстү тартиптүү,
Ырахмат сизге, жеңекем.

Атакемдин конушун,
Улап кеттиң, жеңеке.
Каныкейдей кайраттуу,
Акылман менин жеңекем.

Очогуңдун оту өчпөй,
Күйүп турсун, жеңеке.
Ыйман, ырыс, ынтымак,
Кудайым берсин, жеңеке.

Балдарың болсун бактылуу,
Тилеймин дайым, жеңеке.
Элиңиз берди көп бата,
Орундалсын, жеңеке.

Биздин берген батабыз,
Бат эле келсин, жеңеке.
Балдардын баарын үйлөнттүң,
Эс алчы эми, жеңеке.
Сиз үчүн сыймыктанабыз,
Сыймыгым менин – жеңекем.

## Жайлоо жыты

Жайлоолордун атыр жыттуу абасы,
Болот экен бүт ооруга дабасы.
Гүл жыттанган тоону кимдер сагынбайт,
Тоону сүйөт кыргызымдын баласы.

Кереметтүү жайлоо жытын сагынам,
Кере-кере дем аламын абаңдан.
Бейишиби бул дүйнөгө жаралган?
Берекелүү кең  пейлиңден айланам.

## Жашоо жолу

Турмуштун өз жолу бар кемибеген,
Тагдырга жазганды көрөсүң эми деген.
Талпынсаң да жете албайсың
бийиктикке,
Кудайдын буйругу бар ченеп берген.

Талантың болсо эгер эмгектенгин,
Тартынбай ал жол менен кете бергин.
Ак эмгек адаштырбай алып барат,
Жалкоо болбо, эч качан эринбегин.

Жалкоо болсоң бул сенин кемигениң,
Жашоонун өз сыры бар, чече билгин.
Эмгектенбей жете албайсың максатыңа,
Эмгектенгин, бул адамдык парз
аны билгин.

**Бүгүнкү күн**

Сүрөтчүлөр тартып койгон сүрөттөй,
Туруп турса атаганат күн өтпөй.
Нечен ырды бүгүн жазмак экенмин,
Жол жээгинде тизилишкен теректей.

**Күлүктөр**

Кызыл жоолук байлап алып башына,
Минип алып кара тору атына.
Чапты жигит колду өйдө көтөрүп,
Кайсы күлүк чыгаар экен астыга?

**Жылдызайга**

Баратам эси-дартым кызым болуп,
Көңүлүм, ар түркүн ойго толуп.
«Жаркылдап, аман-эсен айыгып кет»,
Биз көксөгөн тилегим орундалып.

Эң биринчи ден-соолукту карагын,
Ооруп калып бизди капа кылбагын.
Өзүңдү өзүң карап жүрүгүн ардагым,
Андан кийин иштериңе карагын.

Жашоо деген ылдам өтүп кетээрин,
Дүйнө калпыс мүдүрүлүп кетээрин.
Оюңа алып, алды-артыңа карап жүр,
Тагдыр бизди кайда алып кетээрин.

Атакеңдин ачышты го жүрөгү,
Инилериң, сиңдилериң амандыгың
тиледи.
Үй-бүлөөң да санаа тартып жүдөдү,
А бул саптар апакеңдин тилеги.

**Жай айы**

Жайкалып турат жай айы,
Кай жеринде бар айыбы?
Жан бүткөндүн баары эле,
Сени сүйөт, жай айы.

Көкөлөйсүң кыздардын
Көйнөгүндөй, жай айы,

Ачылган түркүн гүлдөрдүн
жүрөгү сенсиң, жай айы.
Күнду сүйөт жай айы,
Сүйүүсүнө жеткенде
гүлдөрүн ачат жай айы.

Андан кийин күрүлдөп
келип калат күз айы,
Камдаган жайдын түшүмүн,
Күз айы берет үзүрүн.

**Догдур кызга**

Жаркын деген бир кыз бар,
Жайнап турган бир кыз ал.
Жаның кетип турганда,
Жаныңдан кетпей турат ал.

«Жакшыбы, апа» деп койсо,
Апаңдын ичи эзилген.
Жаркын кыз качан келет деп,
Жолуңду карап күтөм мен.

Жасаган жакшы мамилең,
Ооруну бачым өңдөттү.

«Ооруба, апа» деп койсоң,
Көңүлдүн гүлүн гүлдөттү.

Жакшына сени көрсөткөн,
Жакшынакай күлкүңбү.
Жаркырап тийген күнсүңбү,
Жайнаган кызыл гүлсүңбү?

**Элге тартуу**

Тынч эле жатып калбайын,
Тилегим айтып алайын.
Каймагынан сөздөрдүн,
Калпып элге арнайын.

Кадырын баалап калкымдын,
Көңүлдө ырды арнайын.
Тартуу кылып элиме,
Көтөрсөм элдин маанайын.

Эл журтум, тобо кылалы,
Биринчи болуп сынактан,
Чыгып келет балдарың,
Кайда барса кыргыздын.

Көтөрүп келет байрагың,
Таң калтырып түрктөрдү.
Гүлжигит көтөрдү элдин маанайын,
Гүлжигит жашып турганда.
Калың эли карап турду кашында,

Дагы бир уулу кыргыздын,
Алып чыкты бий жагын.
Орустар калды ооз ачып.
Көргөндө бийин Атайдын.
Бирок да тартып элине,
Атайга бербей койду долларын.

Көгөрүп кайран жигит бек турду,
Талыкпаган эмгегине тек турду.
Орустар бербей койгон сыйлыкты,
Башка элдер калыстыгын кылышты,
Атайыбыз жеңип келди сыймыкты.
Мына минтип сүйүндүрдү кыргызды.

**Жубайыма**

Бул жашоодо бар эмеспи ажал деген,
Буйдамыңа келтиртпей илип кеткен.
«Бул – тагдыр» деп турасың, айла канча,
Буулуктуруп көңүлүңдү эзип кеткен.

Өтүп кетсе өмүрүм мени издебе,
Андан көрө ырларымдан мени изде.
Кайгырганда келип калбайм эми кайра,
Жашың менен бетиңди жууп,
жүрөктү эзбе.

Балдарыңа кайрат айтып, кашында тур,
Небере-чөбөрөгө көңүлүң бур.
Баатыр ажал ой-боюңа койбойт тура,
Багынтат бачым эле, аны эстеп жүр.

**Сагызган менен булбул**

Сагызган шакылыктап учуп, конот,
А булбулдар мукамдуу бир үнүн созот.
Коё турчу шакылдаган түгөнгүр ай,
Угайын, жагымдуу бир обон созот.

Тыңшайын булбул үнүн эч талыбай,
Шакылдабай, чыдап турчу, оңбогур ай.
Сан жеткис сагызгандар көбөйгөнбү?
Булбул үнүн басып койду өчү бардай.

**Келинге кыйыр сөз**

Аз болсо да келиндерге бол айтайын,
Айланайын келиндер жаман дебе.
Кары сөзүн анда-санда уга жүргүн,
Кары сени жаман болсун демек беле?

Сураганың бербесе, сараң дебе,
Жок болсо, ал эмнесин берет эле?
Өйдө-төмөн чуркаба, ушак айтпа,
Андан көрө үйүңдү таза сакта.

Бек отуруп алгыча эмгектенип,
Безилдебей аракеттен, такыр жатпа.
Күйөөңдүн кулак-мээсин жей бербегин,
Ай мончоктой балдарыңды тарбияла.

Жаман адам белгиси – беттен алма,
Улуу-кичүү көңүлүн түк оорутпа.
Жакшы адам белгиси – жайдары мүнөз,
Үйүңө киши келсе кабак түйбө.

Кайын энеге жаман айтып ыйлатпагын,
Кайын эне болосуң бир убакта.
Көңүл калса ойлой берип, жүрөк ооруйт,
Бул жашоонун жыргалы – сый эле да.

Жаркылдаган жакшы келин болгуң
келсе,
Улуулардын улук сөзүн бекем сакта.
«Ушунуку өттү» деп мурчуңдабай,
Улуу өтсө саламың бер, терс караба.

Кичүү болсо кейкеңдеп бой көтөрбө,
Кичүүлөрдүн саламын ала жүр да,
Чакчырылып келген жериң жаман дебе,
Жакшы кылыш бир өзүңдүн колуңда эле.

Жаман жерди жакшы кылган
келиндер бар,
Үлгү алгын ошолордон, намыс дебе.

## Ыр келет

Көкүрөктөн ыр жаралып, ыр келет,
Ушул ырлар мага жакшы дем берет.
Ыр жандуумун ырга маани беремин,
Ар бир ырды тереӊ талдап келемин.

Түйшүктөнүп кереметтүү ыр саптарга
келемин,
Жазгым келет табийгаттын белегин.

Жазбай койсом күнөө го деп эсептейм,
Жазып алам адамдарга керегин.

Уктай албай кайра-кайра ойлоном,
Дагы эле мен ыр саптарга толгоном.
Ал ыр саптар качан кайдан келээрин,
Мен билбепмин алам өзү берээрин.

Ыр саптарым акыл ойдо термелет,
Мага ал ыр саптар кайратыма дем берет.
Кайсы күнү, кайсы убакта жазсам да,
Жазган ырым сезимдерге сермелет.

**Майрамбекке тилегеним**

Талантың сенин ташкындап, ташып
турсун,
Өнөрүң сенин өркүндөп, өсүп турсун.
Биздин бала китеп жазды, деп сүйүнүп,
Ага-тууган эл-журтуң, сага бата берип
турсун.

Кудай Таалам коргоп турсун,
Бир туугандар колдоп турсун.
Элиң сага бата берип турсун.

Айлыбыздан өзүңө окшош
жазуучулар чыгып турсун,
Дагы-дагы көп чыгармаң чыгып турсун.

**Кырсык**

Таш боор кырсык так төбөгө чапты бейм,
Талуу жердин дал өзүнө жетти бейм.
Бирок мени мүдүрүлтпөйт бул кырсык,
Кайраттанып намысыма келем дейм.

Кырсыкка мен майтарылбайм өлбөсөм,
Бул наадандан жамандыкты күтпөгөм.
«Кантип бардың, айбансыңбы, оңбогур?
Кудай берет эсебиңди!» деп жүрөм.

Тагдыр деген татаал тура баарынан,
Баш ийесиң амалыңдын жогунан.
Эгер болсо адилеттик, калыстык,
Жазаңды тарт өкүмөттүн колунан.

## Жаңы келинге

Жеңилиңди жерден алган,
Жеңил болсун келиниң.
Ооруңду колдон алган,
Элпек болсун келиниң.

Ысык-ысык чай берип,
Ийилип турсун келиниң.
Жакшы келин атыгып,
Жаркылдап турсун келиниң.
Эмдиги жылы бир уулду,
Төрөп берсин келиниң.

## Жаза берем

Тагдыр мени калчап келди,
Түрдүү-түрдүү жагдай менен.
Көрө албастар какшык айтып,
Жаман сөздү айтуу менен.

А мен болсо жаза берем,
Элибиз тынч болсо деп.
Ой учугун улап келем,
Балдарым аман болсо деп,
Күнү-түнү тилеп келем.

**Теңтушка**

Кымындайдан бирге жүрүп, бирге өстүң,
Өйдө-төмөн далай өмүр өткөрдүң.
Башыбызды кырсык басып турганда,
Сатып кетип, теңтушуңду жүдөттүң.

Абийириңди алмаштырып акчага,
«Адам» деген сапаттарың каякта?
Жашың таяп жетимишке барганда,
Адашпагын уятыңды сакта да!

**Кудама каалоо**

Балдарда ырыс, ыйман болуп,
Ачылсын жаштар бактысы.
Кызыл гүлдөй бажырайып,
Табылсын таалай ачкычы.

Сырын тапса күйөөсүнүн,
Ал Жекинтайдын жакшысы.
Жароокер келин сыйлап турса,
Ал – кудагый, кудам бактысы.

«Аба» деп келин ыйбаа кылса,
Ал – Уланымдын жакшысы.

«Жеңе» деп келин ызаат кылса,
Ал – Акинайдын бактысы.

Кудайым берсе ден соолук,
Ал – үй-бүлөнүн мыктысы.
Келбеттүү болсо келиниң,
Ал – келген жердин жакшысы.

**Жанболотко**

Жол тарттык Жанболотко баралы деп,
Жолугуп бир кумардан каналы деп.
Жоодураган мээнетиңди алайыным,
Жол карап турасыңбы келеби деп?

Жанбом менин жаным, эркем, чырагым,
Жакшы болгун, сага ишенем ар дайым.
Тартиптүү бол, инилериң үлгү алсын,
Эч талыкпа, эмгекчил бол, ардагым.

**Таң шоокуму**

Татынакай таң шоокуму нур чачты,
Ала-Тообуз кулач жайып тосуп алды.
Сугумду артып көпкө чейин тиктеп
турдум,
Туулган жердин сулуу экен таң атышы.

Тандап туруп бизге Аллабыз бергенин,
Табигаттын ушул сулуу белегин.
Кыргызыма энчи кылып коюптур,
Толкунданып көпкө чейин эргидим.

**Жаңы жыл**

Келди мына жаңы жылым жаңырып,
Ал биз болсок дагы бир жыл карыдык.
Арысак да, карысак да мейличи,
Балдар ойноп, үйүм турсун жаңырып.

**Түшүмдө**

Узун кеткен жаркыраган зал экен,
Улуу-кичүү көп адамдар бар экен.
Бир багытка баратабыз жай басып,
Баарлашып өйдө-төмөн сөз айтып.

«Бул адамдар – эң белгилүү акындар,
Таанышып ал, сен көксөгөн адамдар» –
Деп мага айтты бир карыя адамы,
Карап коём жанымдагы адамды.

Тааныша албай көпкө чейин кыйналдым,
Табышмакты таба албаган сыяктуу.

Сүрдүү экен деп коёмун ичимден,
Кудум эле аян берген сыяктуу.

**Ысык-Көлгө кайрылуу**

Кереметтүү көлгө берем саламды,
Көлүм, менден алик алчы саламды,
Көксөп келдим тээ алыстан өзүңө,
Кабыл ал, кыргызыңдын бир инсаны.

Ден соолукка издеп келем амалды,
Айыгамбы, жүрөгүмө даба барбы?
Айыксам сенин таза абаңдан,
Айтамын чын жүрөктөн рахматты.

**Арман**

Ким билет кимдин арманын,
Жүрөгү ооруп калганын.
Жүрө берет турбайбы,
Көтөрүп алып арманын.

Биле албадым мага илдет,
Кайдан келе калганын.
Көөнөрсө кетээр деп жүрөм,
Бир Аллам берсе жардамын.

## *КЕНЖЕ БАЛДАР ҮЧҮН*

**Апаңардын тилеги**

Айланайын, менин аппак балдарым,
Ардактайбыз биз силерди ардайым.
Айныбыстан, жакшы окуп, билим ал,
Ак эмгегин эже-агайдын актагын.

Кагылайын, менин кымбат балдарым,
Кадырлайбыз биз силерди ардайым.
Капа кылбай, жакшы окуп, билим ал,
Каалап турам, эне эмгегин актагын.

Урпактарым, менин сүйгөн балдарым,
Ушул ырды мен силерге арнадым.
Уят кылбай, жакшы окуп, билим ал,
уул-кызы кыргыздын» деп аталгын.

**Неберелерге**

Көзүңөрдүн карегинен кагылам,
Күн өткөрбөй бачым эле сагынам.
Кайраттанам жыттап алсам жытыңдан,
Кубат алам наристенин жытынан.

Чоюлбай эле ылдам келе калыңар,
Чоң энеңер катып койгон алма бар.
Чогултуп, «балдар келсе жесин» деп,
Чоң-кичине шоколады дагы бар.

**Эжейге белек**

Куттуктаймын эжейимдин майрамын,
Ден соолукту, жакшылыкты арнаймын.
Жакшы окуп, сизге тартуу кыламын,
Ушул ырды сизге белек кыламын.

**Жаңы мектепке арноо**

Жаңы ачылган мектебиңер кут болсун,
Көңүлүңөр жайнап турсун шат болуп.
Кубангыла, шаттангыла балдарым,
Ден соолукка бакыт-таалай жуп болуп.

Даражаң жылдыз менен тең болуп,
Кала көрбө окуй албай кор болуп.
Турсак экен, жакшы окуп балдарым,
Сүйүнүчтөн жүзүбүзгө нур толуп.

Билимдүү бол өз теңиңден калбагын,
Билимден сен эч убакта танбагын.

Карасаңар: Силерген окшош балдарды
Айга, күнгө сермеп турат колдорун.

**Тегерек-Булак**

Айланасы тоолор мене курчалган,
А ортосу Тегерек-Булак аталган.
Таң каласың, жасап койгон сыяктуу,
Табигатка булак үчүн таазим кылам.

Тегерек-Булак биздин элге кызмат
кылган,
Ойноп барып, далай жолу суусун
жуткам.
Тегеренип, куушуп ойноп жүрүүчү элек,
Ойноок кезде, үйдү унутуп, кечте
кайткам.

Адатымбы сууга барсам үйдү унутам?
Энекемден нечен жолу жеме уккам.
Кучагыма толтуруп гүлүн терип,
Шашылбастан анан барып үйгө кайткам.

«Энекем көп үзбөчү гүлдөрдү» деп,
Берекем, күндө бир маал акыл айткан.

Ойлонуп, андан кийин аяп калгам,
А түгүл тебелебей, аста баскам.

Булагымды энекеме окшоштурам,
Өзгөрүлдүм, балалыгым сенде калган.
Оо булагым, мага эми таарынбагын,
Саламдашам, андан башка эмне айтам?

Алыстамын булагыма барбай калгам,
Айланаңда жүрсөм кана, аттиң арман!
Энекем берип кеткен тарбиядан,
Эми мен балдарыма айтып турам.

**Сулуу аяш**

Сулуу аяшым жакшы көрөт аракты,
Сыйлап берсең, «ичпеймин» дейт
тамакты.
«Андан көрө бере калсаң болбойбу»-
Деп аяшым сурап ичет аракты.

Аяшымдын бара калсам үйүнө,
Башын мыкчып кусуп жатат төрүндө.
Балдары да келбей калды, жадашты,
Эрин тилдеп, «алып кел» дейт аракты.

«Кечээ менин туулган күнүм болчу» –
дейт,
«Теңсинбейсиң, арак алып бергин» –
дейт.
Эри байкуш башын кашып томсоруп,
«Эми кантет, ооруйсуң го, болду» – дейт.

Сулуу десе, сулуу өңү бар эле,
Иштүү десе, иштүү жайы бар эле.
Сыр билгизбей зымпыйымыш болосуң,
Эми качан ичкиликти коёсуң.

Жоругуң аяш оңбоду,
«Жок, ичпе!» десем болбоду.
«Аяшың мас го» дегенде,
Уялып, айлам куруду.

Ичкиси келген кишиге,
Күндө эле шылтоо табылат.
«Ичпеймин» эми деп коюп,
Бөтөлкөнү сагынат.

**Көл жээгинде**

Бир карасам,
курпулдөйсуң көбуруп,
Бир карасам,
мемирейсиң көгөруп,
Өзгөрулуп
тура албастан ордуңа,
Өзуңдө бир
өзгөчөлук бар тура.
Көркөмуңө көңул бөлуп,
толкунданам өзумчө.
Жаза албадым сезимимди,
толгон элдин көзунчө.
Ээндеп барып
жазгым келди,
Элдер тарап,
кайра дагы келгиче.

**Себебим**

Качандыр биздин жаштык жаздай эле,
Жайлоодогу жыты аңкыган гулдөй эле.
Караанын бир көрсөтпөй кетсе дагы,
Кылчактап карай берем дагы деле.

«Өх-хү» деп үшкүрүндүң неге дебе,
Үшкүргөндүн себебин билдиң беле?
Билсең эгер үшкүрүктүн себебин,
Мен жаштыктан калып калдым
дедим эле.

**Күнөөлү болдум эмнеден?**

Кабылдык кандай абалга,
Калбады бизде бир арга.
Кабарлашып тура албай,
Табалбадык бир айла.

Жанымдын теңи дечү элең,
Жүрөккө жакын көрчү элем.
Жараткан бизди кошкон жок,
Жаңылып калдым эмнеден?

Күлгөнүң кетпей эсимден,
Күйүтүң тартып жүрчү элем.
Күткөнүмө жете албай,
Күнөөлү болдум эмнеден?

## Жаздагы кыял

Жергебиз жайнап көктөсө,
Баласын ата сөкпөсө.
Элимде болуп ынтымак,
Кайгыга башы чөкпөсө.

Алма, өрүктөр гүлдөсө,
Тал, теректер бүрдөсө.
Талына келип отуруп,
Булбулдар сайрап үндөсө.

## Тентегим

Уга жүр, балам, улууну,
Унутпа элпек болууну.
Атакең айткан нуска сөз,
Абайлап уксаң ушуну:

Өзүмчүл атка конбогун,
Өзгөчө тентек болбогун;
Өздөштүр сылык болууну
Өзүңдү өзүң ондогун!

**Эгиздерге**

Неберем менен сүйлөшсөм,
Телегейим тегиздей.
Балдай таттуу сөзүнөн,
Угамын эч бир эрикпей.

Бар-жок менен ишиң жок,
Жүрөгүңдө кириң жок.
Кагылайын медерим,
Көргөндө сени көңүл ток.

Булдураган тилиңди,
Сагынам укпай калганда.
Мен Аллага ыраазы,
Силерди бере калганга.

Булдур-булдур тилиңден,
Алдыңа кетип калам мен.
Аман-эсен жүргүлө,
Бактыңарды тилейм мен.

**Бүркүт менен түлкү**

Чоң жарышка түшкөндөй,
Куушуп экөө баратат.
Бирөө сызып абада,

Бирөө сызат талаада.
Бирине бири эп келбей,
Түкөңдү бүркүт тутам дейт,
Түкөң кутулуп кетем дейт.
Улам бир ташка бадалга,
Жашынаар ыгын таба албай,
Айласы кеткен куу түлкү
Жазгырып аны кете албай,
Амалын издеп баратты.
Түкөңдө айла жок экен,
Бир кезде түкөң култ этти,
Чоң таштын алды жагына.
Чала чарпып куйруктан,
Бүркүт калды арманда.

**Келинге**

Көңүлүңдү көтөрчү сен, жабыкпа,
Бекер эле кыйпычыктап, камыкпа.
Бешиктеги баланын да кешиги бар,
Пейилиңди кенен коюп, тарытпа.
Бейчеки эле көңүл чөктү болбогун,
Безилдебей, пейилиңди оңдогун.
Бар болсо да, жок деп айтпа эч качан,
Жоктун түбү жок болоорун ойлогун.

## Ырлар келди

Ырлар келди, ырлар келди үйүмө
Ачып, тосуп чыктым сүйүнө.
Келе бергин токтолбостон ырларым
Пейилим кенен: батасыңар төрүмө.

Ырлар келди, ээрчип келди көлүмө,
Мени менен бирге жаша үйүмдө.
Жатсам жатып, бассам басып, кошо жүр
Кете көрбө, жакын болгун өмүргө.

## Жүрөгүм

Дүк-дүк согот жүрөгүм,
Дүкүлдөбө, жүрөгүм.
Ырды жакшы көрөмүн,
Дүкүлдөсөң жүрөгүм.
Кармап калды оорум деп
Коркуп калып жүрөмүн.

## Эржаным

Эржаным – менин ынагым
Эстүүсү болгун калкыңдын
Эркеси Жаку, Акылдын
Эрмегим, күйгөн чырагым.

Жаркырап турат маңдайың
Жүрөсүң жайнап ар дайым
Жүзүңдөн нуруң төгүлүп
Жүрө бер аман Эржаным.

**Сезимдер**

Поэзия кайыгында калкыймын
Өзүмчө эле жыргап, куунап
балкыймын.
Сезимдерим жөн жата албай, капырай,
Поэзия кайыгында калкыймын.

Түйшүктөнүп, түмөн ойду айтсамбы?
Түгөл айтып, сөз чуңкурун казсамбы?
Ошондо мен сергектенип ырымдан
Оо бир убакта анан барып кайтсамбы?

**Чын дүйнө**

Жараткандын мыйзамы – чын дүйнөгө
көчмөй бар.
Жакшы-жаман, улуу-кичүү – бары бир.
Ажал келсе бул дүйнөдөн өтмөй бар.

Жакшы өтсө бул дүйнөдөн жаның
кейип калмай бар.
Жаман өтсө бул дүйнөдөн «жакшы эле»
деп коймой бар.

**Эстесем**

Адырдан кыйгап келатсам,
Атыргүл жыты көшүлткөн.
Аңкыган гүлдөр жытына,
Аз калдым эрип кетпестен.

Күнгөйдөн ылдый келатсам,
Гүл жыты мени көшүлткөн.
Көйкөлгөн гүлдүн жытына,
Көп баргым келет эстесем.

**Карыганда**

Улгайганың өзү эле жакшы болот
турбайбы:
Уйку качып, түндөсү уктабай калат
турбайбы.
Уйку качса мейличи, ыр жазылат
турбайбы.
Улгайгандын бир сыры ушунда болот
турбайбы.

Карыганың өзү эле жакшы болот
турбайбы:
Кадырласа балдары, сыйын көрөт
турбайбы.
«Карыды атам, апам» деп, аяп калат
турбайбы.
«Карыдым» деп мен эми кейибей калат
турбаймбы.

**Кейибейли**

Кантели кайран жаштык калды да,
Өмүрүң баш ийет да тагдырга.
Өзүң эле жасап алчу нерсе эмес
Өзү берген бир Алланын иши да.

Биз эми кары болдук калдайган,
Чоң ата, чоң энебиз балпайган.
«Алла шүгүр» дейличи
Ыгы жок кейибейличи.

**Шашпа**

Шашышат эле шашышат,
Шашып кайда барышат?
Шаша берип күлгүн жаш
Өтүп кетип калганын

Сезбей деле калышат.
Бүгүнкү көргөн боз бала
Эртең эле жигитсиң.
Эртеси өтсө дагы жыл,
Андан кийин кишисиң.
Эми өтсө убакыт,
Эр ортону элүүсүң.
Элүү келди эми деп,
Мышың келип жылмаят.
Мына ошентип бул жалган,
Өтө берип сумсаят.

## Кичинекей Тахмина

Тепилдеген кичинекей тентек кыз,
Тейлеймин дейт баарын эле элпек кыз.
Тили келбей атына Тахмин дейт,
Тилегиңден айланайын, тентек кыз.

«Чай куямын өзүмө эле» бергин дейт,
«Чарчадың го, жатып алчы эми» дейт.
Тамак жасайм, ары тур» дейт эжесин,
«Тазалаймын өзүм эле, кеткин» дейт.

**Жашоо**

Эх, жашоо өтө кымбат өтө татаал
экенсиң:
Ооба билем сен кайрылып келбейсиң.
Бул жашоону же татыктуу, же татыксыз
жашадым,
Татыктуусу – балдарыма тарбиямды
бергеним

Эх, жашоо, сен өтө назик өтө шашма
эмесиң,
Ооба, билем, кайра кел деп,
жалбарганды билбейсиң.
Кеткен жолуң абдан түптүз экен го,
Кайрылбастан кете берет экенсиң.

## БИР ҮЗҮМ ӨМҮР

*(Повесть)*

*30-апрель – мен үчүн аздектеп, баркын жогору коё турган эң маанилүү, таасирдүү жана жагымдуу күн болду. Себеби: ушул күнү жүрөгүмдүн бир бурчуна катып жүргөн сырларымды, арманымды, кубанычымды жазсам деген тилегим ишке ашып, жаза баштадым.*

### I

Күн мемиреп, жыпжылуу, шамал жок. Шарп-шарп эткен толкун да өзүнчө көлгө көрк берет тура. Мелмилдеп, тынч көйкөлүп, көшүп жаткандай.

Жоодар ата менен Гүлбарчын апа ден соолуктун айынан көл тарапка көчүп келишип, жашап калышты. Көлдүн абасы – өзгөчө жашы өтүп калгандар үчүн абдан жагымдуу. Дегинкиси, жарыктык көл кимге гана жакпасын.

Жайкысын мээ кайнаткан ысык эмес, салкын тартып, сыдырым жел жүздү аймалап турат.

Экөө таң супа салганда көл жээгине келишет да, күн көтөрүлгөнгө чейин басып жүрүшөт.

Биздин айыл – биз үчүн эң эле ыйык, абдан баалуу, мен айтып бүтө алгыс ажайып керемет жер экенин ким тана алат? Ооба, Чоң-Төр, Кичине-Төр, Талды-Суунун төрү, булардан кийин ылдый жагын улай кеткен тоолор Үч-Чат, Бай-Төлөө, Тегерек-Булак, Карал-Дөбө. Ушул тоолордун ортолорун бөлүп турган мөңгү суулары жаз мезгилинде гана кирбесе, калган убакта көк кашка болуп, таштан-ташка уруна агып келип, Ат-Башы суусуна кошулат.

Карал-Дөбөнүн этек жагынан орун алган биздин айыл – Талды-Суу. Айылдан туруп тоо жакка карасаң карагай, арча, шилби, четин, карагат, бөрү карагат, долоно, табылгы, тал, чычырканак, деги койчу, жапайы деген бардык өсүмдүктүн түрү бар. Жарыктык жаратылыш биздей пендесинен эч нерсе

аябаса керек. Майдын аягында, июндун башында барсаң, не бир сонун жыпар жыттуу гүлдөрдүн түрү жана чөптөр белден буралат. «Ушундай кооз, керемет жерден кайсыл жакка барасың» дегенчелик кылып, буттан тушайт. Кыштактын баш жагынан орун алган Тегирмен-Суунун үстүндө «Обо» деген тоо, «мени эле карап тур» дегенсип, бийиктиги, жазылыгы жагынан да көк тиреп, эң көрктүү. «Обонун» этек жагында табияттын адамдарга берген насиби – бүлдүркөн айдап койгондой чыгат.

Ушундай сонун жерде менин балалык күндөрүм жипке тизип койгон шурудай өтүп жатты. Биздин үй айылдын баш жагындагы Тегерек-Булак суусунун жээгинде эле. Айыл анча чоң эмес болчу. Эли бирин-бири сыйлаган, карысын жаштары урматтап, кичүүсүн ызаттап, жетим-жесири болсо жапатырмак жардамга келип, «меники, сеники» дебей, эл аябай ынтымактуу эле.

1958-жылдын күзү. Биздин үйдөгү чуру-чуудан улам мен эмне болуп кеткенин биле албай, уйкудан ойгондум.

– Оо, кууратан чунак, атаң өлдү, бул жерге отуруп ыйла, – деп мени боз үйгө алып кирди, мен таанабаган бир аял. Эл толтура, чуру-чуу түшүп, энем, апам, эжемдер боздоп ыйлап жатышат. Мени көрүшүп, үндөрү чыкпай, демдерин ичине алып калышты. Ал кезде мен өлгөн эмне экенин биле элек кезим экен. Атам мени кантип таштап кетсин деп, ал кайра келип калчудай болуп, күтө берчүмүн. Энем байкуш бастырманын үстүнө чыгып алып, атамдын мүрзөсү жакты карап, ыйлап отуруар эле. А мен ал жакты караганым караган. Кокус көрбөй, атамды жоготуп албайын деп, энем үйгө кирсе да, көпкө отураар элем. Ошентип оюндан башканы билбей турган маалыбызда башыбызга «каран түн» түштү. Бир үйдө энем, апам, байкем, мен жана сиңдим калдык. Сиңдим атасынын өлгөнүн деле билген жок. Анда-санда улутунуп, томсоруңку тартып калчу эле байкушум.

Биздин үйдүн түйшүгү бүтүндөй байкемдин мойнуна жүктөлдү. Байкем деле каруута толо элек, он үч жаштагы

бала. Апам кара кийип, күндүз кечке ары карап отурат. Түнкүсүн ошол отурган жеринде кыйшайып эс алат. Ал кезде салтты бекем кармашчу. Атамдын өлгөнүнө бир-эки жыл толот дегенде аш бердик. Апам сыртка чыга баштады. Байкуш апамдын өңү купкуу болуп, сендиректеп баса албай калыптыр. Мени ушул жылы мектепке окууга беришти. А менин атама болгон сагынычым, кусам күчөп, окууга деле көңүлүм жок. Баягы атам жаткан жакты эле карайм. Бир күнү сабак учурунда бир партада отурган кыз менен чукчуңдаша кеттик.

– Сен жетимсиң, атаң өлгөн,– деди.

– Атам өлгөн жок, ал келет. Ал жакында сөзсүз келет.

– Атаң өлгөн, келбейт.

Мен бул кепке аябай катуу сындым, ыйладым, агайыма да таарындым. Себеби, агай «жетимди жетим дейт» деп, мени тыйып койду. Ошондон кийин мен бир айга жеттиби, жокпу, катуу ооруп калдым. Мага атамдын мүрзөсүнөн топурак алып келип, сууга эзип

ичиришти. Андан деле мага аралжы болгон жок.

Көзүмдү жумсам эле, тегирмендин оор ташы айланып келип мени басып калат. Мен бакырып тура калам. Үйдөгүлөр үрпөңдөшүп, мени тегеректеп отурушат. Айылда атамдын карындашы – эжекем жашачу. Ал киши Ат-Башыдан догдур алып келип, мени көрсөтүштү. Мен сарык болуп калыптырмын. Мага бир айдан ашык ийне сайып, дарылатышты. Ошону менен ал жылы окубай калдым. Кийинки жылы биринчи класска кайра кирдим. Ал кезде окуудан көп калса, кайра окутуучу. Турмуштун оор сыноосунда биз эптеп, алыбыз жетпеген жумуштарга да аракет кылып, бүтүрүп алып жаттык. Бирин-экин мал бар. Аларга байкем тырмалаңдап чөп камдайт. Апам экөөлөп жайлай бир топ эле чөп камдап алышчу. Анан отун камдаймын деп, тору кунанын токуп минип алып, тоодон чегедек, четин артып келээр эле. Малдын кыгынан кышка көң даярдап, ошо менен кыштын ызгаардуу суугунан, чилдесинен аман-эсен чыгып кетээр элек.

Биз жылдан жылга чоңоюп, энем менен апамдын жеңилин жерден, оорун колдон алып калдык. Жаз келгенде эл менен кошо тоого чыгып кетебиз. Ал кезде эл жайлоого жапырт чыкчу. Бирин-экин малын багышып, уй, эчки, кой саашып, май, курут, сүзмө кышкыга камдашчу.

Апам колхоздун жумушунда, агам ага жардам берет. 1961-жылы май айында, эл жайлоого көчөлү деп жатканда, аба-ырайы кескин өзгөрүп, экиүч күн бою күн нөшөрлөп жаап туруп алды. Күндүн көзү көрүнбөйт. Ал кезде балык жон болуп жабылган үйлөрдөн тамчы тамып, биз үйдүн ичине чатыр тигип жашадык. Малга да жонунан жылуулук өтпөй, кыйын болду. Жүдөп калышты.

– Ооба, ал кезде жашоо мындай эмес эле да,– деди Сурма курбусуна.

– Кой эми, үйгө барып эс алалы. Күн бир топ көтөрүлүп калыптыр,– деп Гүлбарчын апа, убакыт өтүп кеткенине өкүнгөндөй саатына карады. Төртөө чогуу басып келатышып, айрылыш жол-

дон бөлүнүп кетишти. Үйгө келип, небересин ойготуп, эс алышат. Күнүмдүк тамакка керектүү жер-жемиш алганга базарга барышып, жолдон небересин балдар аянтында ойнотушуп, ары-бери өткөн-кеткендерди карашып, көпкө эрмек кылып отурушат.

Гүлбарчын апа менен Жоодар ата эл көп жүргөн жерди жактырышат. «Эл деген эл да. Элден айланайын. Кудайым эл-журтка тынччылык, токчулук берип, эл ичинде биз да аман-эсен болсок экен деп тиленет.

* * *

Эл Тегерек-Булактын алдына барып, мал союп түлөө беришти. Элдин тилегин Кудай берип, үч-төрт күндөн кийин күн ачылып, жер гүл жыттанып, табият кереметти өз жандыктарына тартуулап турду. Мен ушул кубулушту эч качан унута албайм жана унутууга да акым жок. Көкүрөктөн жан чыгып кеткенче өзүм менен жашап жүрмөкчү. Биз бул жылы да мурдагы тоого чыгып

жүрүшкөн аталар болуп, беш-алты үй Карал-Дөбөгө чыктык. Бул жайлоодо бир ай отуруп, Талды-Суунун төрүнө көчүп кеттик. Балдар үчүн журт ко-торуу майрамдай эле туюлчу. Кыздар кучагыбызга толтура гүлдүн түрүн те-рип, балдар улам бир жерге жашынмак ойноп өйдөлөп, бара турган журтубуз-га кантип жеткенибизди билбей калаар элек. Жаңы журтка барганда ышкынга чыкмай биздин адатыбыз. Биз үчүн ыш-кын, кымыздык, жөргөмүш, кемирчек, көбүргөн, текей, ушуларга окшогон өсүмдүктөр жер-жемиш катары болуп-тур. Көрсө витаминдерди ушулардан алчу экенбиз. Ушулардан азыктанып, ден соолугубуз чың болуптур да. Ал кез-де варенье жасап алганды эл билбептир. Болгону, карагатты сыгып, көк жөтөл-гө жакшы деп, мөөнгө куюп катырып коюшаар эле.

Мезгил өтүп, күркүрөп күз да келди. Төрдөгү эл ылдыйлап, Тегерек-Булакка көчүп келди. Энеме кыштактан ун, тал-кан алып келип берип, биз окууга даяр-дана баштадык. Ошентип күн айга, ай

жылга алмашып, мезгил зуулдап өтүп жатты. Байкем сегизинчи классты аяктап, Нарындагы медициналык атайын орто окуу жайдын фельдшердик факультетинде окуп калды. Үйдүн майдачүйдө жумуштары сиңдим экөөбүздүн мойнубузда. Бадага уйду кошуу, койдун кезүүсүн кайтаруу, суу ташуу, үй жыйнап-шыпыруу, мал жаткан короону кургактап туруу, күнүмдүк отун жаруу, мына ушуга окшогон майда жумуштар бизди турмушка тарбиялап коюптур.

Бир күнү бизди ойлондуруучу бир окуя болду. Оң бутум өзүнөн-өзү калчылдап, жансыз болуп калып, кайра тарап кетип атты. Энем менен апам мени молдого алып барышып, дем салдырып, окутуп турушту. Ал киши чоң молдо экен. Эки жумадан кийин жакшы болуп калдым. Молдонун дубасы мага жакты окшойт. Молдо аялы экөө тең абдан момун адамдар эле. Биз барганда берээрге тамагын таппай, карбаластап калышчу. Биздин айылдын адамдары бүт ушулардай болушчу десем жаңылышпаймын. Баары бизди көргөндө эркелетип

турушчу. Балким бизди аяшчубу, анысын түшүнө албадым. Элдин баарын мага жакын адамдай сезчүмүн. Биз дагы улуусун «эне, ата» деп, кичүүсүн «байке, жеңе» деп, кимиси жумшаса да элпек элек. Энемдер бейшембиде боорсок жасашып, колунда бар тамак-ашын дасторконго коюшуп, Куран окутуп турушчу.

Тоонун этек жагында Мырзалы деген чоң ата жашачу. Биз аны «аба» дечүбүз. «Абаңарды чакырып келгиле» десе, биз чуркаган бойдон чакырып келээр элек. Абабыз сиңдим экөөбүздү эки тизесине отургузуп алып, эркелетип калчу. Сайра эне «кыздарың чоңойсо деле отургуза бересиңби» дечү. Ага ал жооп берчү эмес. «Секет кетейиндерим» деп, жалынып-жалбарып отураар эле, жарыктык абам. Биз өз атабыздан албаган мээримди Мырзалы абамдан алчубуз. Ал киши узун бойлуу, арык чырай, сакалы жайкалып, өзүнө жарашып турчу. Анын баскан-турганы, сүйлөгөнү, элге жасаган мамилеси абдан жумшак болгондуктан, бир дагы кишинин көңүлүн

калтырган жок. Эл аны абдан сыйлачу. Атаганат, ушундай адептүү адамдар арабызда абдан көп болсо кана. Абамдын байбичеси Сайра – аялдык кылып ушак айтпаган, болгонун болгондой ачык айткан, ак көңүл, шайыр адам эле. Биздин үйгө Сайра энем келип кетсе деп тилеп турчубуз. Алар келгенде биз абдан сүйүнүп калчубуз.

Төлөгөн ата – биздин чоң атабыз. Мисаң экөө бир тууган. Биздин үчүнчү чоң атабыз Эркебуландын алты баласы болуптур. 1916-жылы Үркүндө орустардан качабыз дешип, кырылыптыр. Кандайдыр бир себептер менен энеси эки баласы болуп аман калыптыр. Биздин чоң уруу Черик, Чериктен – Алик, Аликтен – Тилемиш уруусу. Бул урууда толуп жаткан деле тууганыбыз жок. Болгону үркөрдөй болгон жети үй-бүлө эле. Атам менен апам 1946-жылы согуштан кийинки катаал мезгилде сүйлөшүп жүрүшүп, баш кошуштур. Эл сыяктуу машак теришип, теңин колхозго төгүп, калганын үйгө алып келишип, кууруп, тазалап, жаргылчакка тартып,

жарма жасап ичишип, күн көрүшүптүр. Атамдын жалгыз агасы Асек 1942-жылы согушка кетип, кайтпаптыр. Калича эже – атамдын бир тууган карындашы. Асек атадан бир кыз калган. Аты Зулайка. Аны энем өзү чоңойтуп, күйөөгө бериптир. Атамдын артында иниси, астында агасы болбогондон кийин, жалгыздыктын азабын көп тартат. Там салып, колхоздо жакшы иштеп, адегенде уй фермада эмгектенип, кийин колхоздун бригадири болгон экен. Ал кезде бригадирди эл кадырлаган, сыйлаган. Атам байкушту көрө албаган жанындагы ичи тар теңтушу атка тебелетип өлтүрүптүр. Артынан сурап алчу тууганынын жоктугунан, кийин «жабылуу аяк» жабылуу боюнча калыптыр. Атабыз өлгөндөн кийин Төлөгөн атама да кыйын болду. Байкемдин алы жетпеген кандайдыр бир тиричиликке жардам берип, тоого көчүрүү ошол атамдын милдети эле. Төлөгөн атамдын балдары жаш. Өз үйүнүн түйшүгү да оңой эмес. Колхоздо да иштейт. Биздин кичи апабыз Зина атама алты бала төрөп берди:

Төртөө кыз, экөө – эркек. Төлөгөн атам 1966-жылы дүйнөдөн кайтты. Биз үчүн абдан оор жоготуу болду. Айла канча, армансыз жашоо болмок беле?

Энем бизге тарбиялык мааниси бар уламыштарды, жомокторду жана айылдагы «баланчанын баласындай, же кызындай болбогула» деп, айрым адамдардын туура эмес жактарын айтып, сындап туруучу. «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген макалдын маани-өзөгү мына ушунда жатса керек деп ойлоймун. Ал кезде адамдык ызаат, абийир, адамгерчилик сапатты бийик даражага коюшчу. Улуу адамдарга кичүүлөр өөдө карап каяша айтчу эмес. Бирок, эл болгондон кийин беш кол тең эмес да, арасынан тентектер чыга калчу.

Биздин балалык күндөр акырындык менен артта калып жатты. Балалык кыялыбызда чоң кыздарды көрүп, кандай сүйлөйт, чачын кандай, кантип тарайт дечүбүз. Кийингенине кызыгып, алар эшикте жүрүшсө, биз класстын ичинен терезени карап, баягы кыздар-

дан көзүбүздү албайбыз. Ушул кыздарга окшоп бат эле чоңойгубуз келчү.

Эх арман десең! Балалык баёо мезгилибиз өтүп кетерин, кийин таппай калаарыбызды ал кезде кайдан туймак элек! Кайрадан окуу жылы башталды. Бизге Мамбеталиев Төлөгөн агай класс жетекчи болду. Агайды «билими күчтүү» деп айтышчу. Бизге математика менен геометриядан сабак өтчү. Сабакты абдан жакшы түшүндүрчү. Класста он беш бала окучубуз. Бул жылы китептерди Төлөгөн агай алып келип сатты. Апам берген акчаны Төлөгөн агайдын үйүнө алып бардым. Китептерди өзүнчө бир бөлмөгө ирээттүү жыйып коюптур. Ошондо жаңы китептер жагымдуу жыттанчу. Ал кезде дүкөндүн ичи да сонун жыттанып турчу. Сиңдим экөөбүздүн китептерибизди көчөнүн аягынан башына чейин араң дегенде жеткирдим. Кийинки жылдын жайында Төлөгөн агай каза болуп калды. Балдар, кыздар аябай кейидик, ыйладык, ажалга айла жок тура.

* * *

Колхоз апийим айдачу. Ар бир түтүнгө жыйырма сотых бөлүп берчү. Эртели-кеч апийим тилгенге, кырганга жардам беребиз. Апам байкуш, балдарым эч нерседен кем болбосун деп, колхоздун бир да жумушунан калбай иштечү. Эл кийгенди кийип, эл ичкенди ичип эле чоңоюп жатабыз. Бир арман – атам жок, ушул биздин кайгы! Биз чоңоюп жатканыбызды көрүп турса эмне, атаганат. Апамдын эмгегине буудай, арпа, жадакалса туздан өйдө берчү. Эл акча албаганы менен колхоздун эсебинен эле жашачу.

Биздин айылга дизель мотор менен иштечү свет коюлду. Ал дизелди биздин эжекебиздин күйөөсү иштетчү. Жезде кечинде саат жетиде светти күйгүзүп, саат ондо өчүрчү. Саат онго чейин сабагыбызды окуп, жатууга кам көрүп калчубуз. Энем менен апам бирөө жүн ийирсе, бири байпак, мээлей токуп, жандары тынбай түйшүктөнүп турушчу. Биздин жакшы окуп, адеп-

түү болуубузга жан аябай аракеттенип жатышты.

Быйыл Жаңыбай деген агай бизге класс жетекчи болду. Ар бир ишке жөндөмү бар, таланттуу болчу. Комуз чертип, аккордеон тартып, куудулдук өнөрү да бар эле. Кол эмгектен сабак өтчү. Ал кезде кыздарды өзүнчө бөлүп, ылайыктуу сабак өтүлчү эмес. Кыздар балдар менен кошо талаша өгөө, темир көтөрүп, айлампа жасап жүрчүбүз. Агай бир жолу ыр кружок уюштурду. Свет күйүүчү жерде радио түйүнү бар эле. Ошол жерге барып концерт койдук. Жаңыбай агай өзү алып баруучу болуп, аккордеонун тартып, комузун чертип, бизди тейлеп турчу. Ошондон кийин жаңы жылда, майрамдарда ырдай калып жүрдүк. Кийинки жылы жетинчи класста кадыресе чоңойгонсуп калдык. Мен сегизинчи классты айылда окубай, апам «Жумагүл жеңе жардам бергенче Нарында оку» дегенинен макул болдум. Кийин классташтарыма жолугуума мүмкүнчүлүк деле болгон

жок. Ар бирибиз турмуш жолунда чилче тарадык.

Жумагүл эже мугалим болчу. Нарынга адеп көнө албай жүрдүм. Себеби, Нарында айылга караганда бир топ айырма бар экен. Форма, фартук кийип, англис тилин окутат. Мага мугалим тамгаларын жаздырып койчу. Кол эмгектен кыздарды өзүнчө үй тиричилиги боюнча окутат. Кыздарга тамак-аш, салат жасаганды, көйнөк бычканды, кичинекей балдарга топу тиккенди, дагы кыздарга турмушта ылайыктуу эмне керек болсо, ошолорду бүт колдон келишинче, онду бүткүчө үйрөтүп чыкты. Бизге агай, эжейлердин айткан сөздөрү мыйзам болчу. Айткандарын айткандай аткарчубуз. Нарында Киров, Чкалов, Токтогул жана бир мектеп-интернат бар. Сегизинчи эки класс параллель. Балдар көп болгондуктан эки нөөмөт менен окуйбуз. Классташтарымдан башкасын тааныбайм. Ошентип бул окуу жылы дагы аяктап, каникулга тарадык. Үйгө кетмекчи болуп Ат-Башыга жол тостум. Машина чыкса чыкты,

чыкпаса кайра үйгө келмей. Кээде Ак-Муз айылына жетип, андан ары жөө кетчүмүн. Ат-Башыга машина чыгып, Талды-Сууга машина чыкпай калса, таанылбаган эле барып, конуп калаар элек. Кыргыз элинин меймандостугуна, кең пейилдигине эч бир улут тең келе албайт. Муну мен кичинемде эле баамдагам. Себеби, ошол бейтааныш эле үйдүн ээси, биздин мээримдүү, адамкерчиликтүү энелерибиз «кел, келегой, ичегой, уялба» деп, болгон тамак-ашын жайнатып, «биздин дагы сендей кызыбыз бар, айланайын» деп, төшөгүн салып, жаткырып коёр эле.

Ошондо үйгө азап менен жеттим. Байкем менден кийин, эки жумадан соң келди. Үйүбүзгө чогулуп, кубанчыбыз койнубузга батпай, жүзүбүз нурданып, тим эле сөз таппай турдук. Энемдер малдарын тоого чыккандарга кошуп ийишиптир. Ары-бери карагыча убакыт да заматта өтүп кетти. Кайрадан окуу жылы башталып, байкем экөөбүз Нарынга келдик. Байкем медокуу жайдын жатаканасында жатып окуучу.

Эжемкине анда-санда гана учурашканы келчү.

Келсек, эжем дагы балдарын окууга даярдап жатыптыр. Кийимдерин үтүктөп, балдарды жуунтушуп, эжем эмне кылса, ошого жардам берип, окууга шашып, баарыбыз чыдамсыздык менен күтүп жатабыз. Эртеси майрамдагыдай болуп, көчө көркүнө чыкты. Кыздар ак фартук кийишип, ак бантикти чачтарына байлашып, балдар кара костюм, ак көйнөк кийишип, кенже класстардын балдары кызыл жагоо тагынышып, жүздөрүндө күлкү, жүрөктөрү кубанычка толуп, жайдары мүнөздөрү менен туш-туштан агылып, мектепке келип жатышты.

Быйыл бизге Исраилова эжей класс жетекчи болду. Ал кыргыз тили жана адабиятынан сабак берет. Эжейибиз бизге акыл-насаатын көп айтаар эле. «Ай, айланайындар» деп баштачу сөзүн. «Силердин келечегиңер али алдыда, ушул баштан көп окугула, билимдүү жаштардан болгула, ушулар менин окуучум болчу деп биз сыймыктанган

адамдар болсоңор экен» дечү, бизди бакырайган көздөрү менен мээримдүү тигиле карап.

Менин Жумагүл эжем тарыхтан сабак берет. Классташтарым «сенин эжеңдин сабагы бизге таасирдүү, кызыгып, дагы айтса экен деп атып, коңгуроо болуп калат» дешип, өкүнгөндөй болуп калышаар эле. Мен эжекем үчүн ичимден сыймыктанчумун.

Бейшегүл классташым экөөбүз абдан ынакпыз. Үйлөрүбүз жакын болгондуктан, мектепке бирге келип, бирге кетебиз. Бири-бирибизден эч нерсе аябайбыз. Бейшегүл ачык-айрым, ичинде кири жок, кишиге жамандык ойлобогон, ак көңүл кыз. Ата-энеси көп балалуу, Бейшегүл баарынан улуусу болгондуктан түйшүктүү болчу. Кыймылы тың, таза, ошондуктан апасы ага ишенип жумушка иштеп кеткен.

* * *

Тогузунчу классты ортолоп калдык. Кээде дем алыш күндөрү суранып, интернаттагы эжемкине барып турчумун. Алар дагы бала-бакыралуу болушкандыктан, жездем күнү-түнү иштейт. Балдар кичине болгондуктан эжем аларды багып үйдө отурат. Мен барганда алар жетине алышпай, сүйүнүп калышчу. Аларга эки жумада бир барам. Убакыт учкан куш сымал экен. Онунчу классты бүтөөрүбүзгө аз калып, экзаменге даярданып жатабыз. Классташтарымдын баары эле институтка барабыз деп турушат. Мен да эл катары барайын дедим. Апамдар мага каршы болушкан жок. Жумагүл эжем менен Садрий жездем Нарындан эле педокуу жайдан, же медокуу жайдан оку дешкенине макул болбой койдум. Катуу жаңылганымды кийин түшүндүм. Себеби, мага жардам берчү атам жок болгондон кийин, ушул окуу жайлар туура болмок экен. Фрунзеге барып, институтка өтпөй калып, убара болдум. Шаардагы эжем ме-

нен жездем паспортумду учетко отургузушуп, «Комсомолдун 40 жылдыгы» атындагы фабрикага ишке орноштум. Фабрикада биринчи кабатта эркектердин кичинесинен чоңуна чейин пальтолору, экинчи кабатында кичине кыздардын жана аялдардын пальтолору тигилет экен. Мен биринчи кабатында иштедим. Жумуш эртең менен эрте башталып, эки нөөмөттө жүрчү. Ар бир дем алыш сайын ишибизди которуп турчу. Адеп үч ай үйрөнчүк болуп иштеп, анан бат эле үйрөнүп кеттим.

* * *

1968-жылдын күзүндө байкемди армияга чакырып, шаарга келиптир. Эки-үч күн бою областтардан балдар чогулгуча суранып алып, биз менен болду. Колдон келген сыйыбызды көрсөтүп, Кызыл Аскер станциясынан аскерге узатып ийдик. Ал Азербайжан республикасы-нын Боладжары шаарындагы аскердик бөлүктүн санитардык бөлүмчөсүндө кызмат өтөп, милдети жеңил,

карды токтугун катында сүйүнүп жазыптыр. Мен дагы байкем эмне болот деп сарсанаа тартчу элем, бат-бат кат алышып санаам да тынчып калды.

Эжем менен жездем айылга кетишип, квартирага чыгып жашап калдым. Фабрикадан Асыл, Зуура, Базаркүл деген кыздар менен таанышып, Москва көчөсү менен Жаш Гвардия көчөсүнүнүн кесилишинен бир квартира таап, чогуу туруп калдык. Абдан ынтымактуу элек. Эмгек өргүүсүнө чыгып, апамдарга, сиңдиме белек-бечкек сатып алып, айылга жөнөдүм. Келсем үйдөгүлөр тим эле жетине алышпай, биринен сала бири кучакташып, сагынычыбыз кыйлада барып тарады. Сиңдим сегизинчи классты аяктап, Нарында окууда. Ал деле бойго жетип калды. Энем байкуш эмне кылсын, карып баратат. Апам баягы эле түгөнбөгөн колхоздун жумушунда кара жанын карч уруп иштеп жүрөт. Апийим мурдакыдай айдалбай калган. Айылыбыз мал киндиктүү болгондуктан кой көп, жазында сакманга барып жүрдү. Мен айылдан көп жаңылыктар-

дын кубөсү болуп кайттым. Элдин көбү жаңы там салып, көчөлөргө зым карагайлар орнотулуп, свет келип, автобус каттап, эл бир топ эле оңолуп калыптыр. Албетте, мен бул жаңылыктарга маңдайым жарыла кубандым. Энем менен апам мага ак баталарын ыроолошуп узатышты.

Шаарга жетип, дароо эле квартирага келдим. Кыздар жадырап, «айылападагылар аман-эсен бекен» дешип, бапырап отурушту. Мен айылдагы жаңылыктарды калтырбай төкпөй-чачапай айтып бердим.

– Сен кеткенде бизде дагы жаңылыктар болду,– деп калышты.

– Ал эмне жаңылык? – дедим.

– Биз кочкорлук балдар менен таанышТык,– баарысы жапырт каткырып да ийишти.

Эртеси жумушка бардым. Жумушубуз деле анча оор эмес, эрте туруп уйкудан эле калганыбыз болбосо. Почтого барсам, байкемден кат келиптир. Апама, байкеме кат жазып салып ийдим.

* * *

Жашоомдо чукул бурулуш болуп кетээрин билген эмесмин. Кыялымда институттан сырттан окуп, ишимди улантып, жогорку билимге ээ болоюн деп көксөп жүргөм. Бирок, «ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» болуп, жашоом таптакыр башка нукка түштү. Айтмакчы, биринчи нөөмөттөн келип чай ичип отурсак, Асылдын «таанышпык деген үч-төрт балдары күтүүсүз үйгө кирип келишти. Үй ээси кемпир эч кимди киргизчү эмес, булар кантип кирип келишти деп таң калдым. Көрсө булар мурдатан алдын ала сүйлөшүп, кемпирди колго алышкан тура. Балдар менен мени дагы тааныштырышты. Эч нерсе ойлобой, балдар менен теңтуш катары мамиледе болдум. Жөн гана таанышуу деп жүрдүм. Чынын айтсам, буга маани берген эмесмин.

1970-жылдын 11-декабры болчу. Ошол таанышкан күндөн бир апта өткөн. Баягы таанышкан балдар мурдакыдан да көбөйүп кетишиптир. Асыл мага мындай деп калды:

– Жүр биз менен, бирөөлөр үйлөнүп жатыптыр, чогуу барып келели.

– Жок. Мен үйдө эле болом, барбайм,– дедим. Асыл таптакыр көшөрүп туруп алды. Анын үстүнө кыздардын арасынан экөөбүз абдан жакын курдаш элек. Анын сөзүн кыя албай, аргасыз макул болуп, жөнөп кеттик.

Балдар шайма-шай. Комуз, гитара, аккордеон алып алышыптыр, жолдо ката зериктирбей ырдап жүрүп отурушту. Караңгы кирип кетти. Кайсыл жерге келгенибиз билинбейт. Бир убакта машина бир үйдүн жанына токтоду окшойт. Мени бирөө таптак көтөрүп барып, үйгө киргизип, бир аппак жоолук салса болобу! Мен Асылга ишенип, мындай окуя болорун эч күткөн эмесмин. Асылга ачуум келди. Ичим туз куйгандай ачышып, буркурап ыйлап жаттым. Алданганымды кеч билдим. Ары ойлондум, бери ойлондум. Акыры болочок жолдошумдун ата-энесинин жана ушунча элдин каргышына калгым келген жок. Тагдырыма баш ийип отуруп калдым. Асылды жолдошумдун

теңтушу ала качып кетээрин, алар үйдөн узаганда уктум. Асыл Кочкордун Арсы айылынын келини болуп отуруп калды. Биздин үйгө келин көрүп келгендердин аягы үч-төрт күн дегенде араң суюлду. Дале келип келин көргөндөр бар.

Ошентип кайындарымдын айтканындай, турмуш жолумду улантып, алардын көңүлүн оорутпай, турмуштирдикти өз колума алып кеттим. Кайын атам байкуш үйгө келген кишиге мени мактап, «келиним тың, жасаган оокаты алабарман эмес, тамакты таптап жакшы жасайт» деп өзүнчө эле сүйүнүп жүрөт. Мен дагы атамды жакшы көрүп, колумдан келишинче сыйлоодомун. Апам мектепте иштегендиктен үйдө азыраак болчу. Кайним биринчи класста окуйт. Кайындарым деле башка чукак кишилер экен. Апам алтыны төрөптүр, төртөө кичинекейинде өлүп калыптыр.

Жолдошум бир күнү «шаарга барып иштейли, мен үйгө кезекке туруп койдум эле», деп калды. Мен анын бул

сунушуна көнгөн жокмун. Каршы болуп, атам менен энемди таштап кетким келген жок. Бул аларга майдай жакты. Ошентип биздин жашоо-турмушубуз айылда өтмөй болду.

Жолдошум айылдык клубда киномеханик болуп иштей баштады. Мындан сырткары колхоздун аркандай жумуштарына кол кабыш этет. Сакманга барат, сугат, кыркын, чөп чабык, жыйноо сыяктуу чарбалык жумуштар биринин артынан бири кезектешип келип турчу. Бул жумуштарга кары-картаң, жаш балдар эле барбай калбаса, калың журт жапа тырмак чыкчу. Анда мезгилдин талабы абдан күчтүү болгон. Жаз келгенде мен дагы сакманга бармай болдум. Биз сакманга жолдошумдун аталаш агасыныкына бардык. Алардыкына көп эле киши барган экен. Жеңебиз сакманга келгендерди кирип-чыгып жемелей берген аял экен. Көбү анын албуут кыялына чыдай алышпай, кетип калып жатышты. Жолдошум экөөбүздү кулдай жумшашты. Өзүбүзгө бөлүнгөн козуларды багабыз. Үйгө киргенде нан,

тамак, жарма жасамай, тыным жок. Менден башкалар малын жайлап келишип, буттарын сунушуп, жай баракат эс алып отурушат. А менде беш мүнөт да эс алуу деген жок. Аябай катуу жүдөдүм, арыктадым, эки айлык балам боюмдан түшүп калды. Догдурга алып келип, апамдар ийне сайдырып дарылатышты. Сакманга кайра баргым келбей турду эле, «эми бир аз чыдагыла, силерден башка киши аларга чыдабайт» деп, апам суранып туруп алды. «Макул» дегенге араң жарадым. Кайра кеттим. Ошондо дагы жаным тынган жок. Мен өтө катаал, тамакка кароо, колу тар, тили уу аялды биринчи көрүшүм. Жада калса күйөөмдүн дагы жанын койбойт.

– Делдейген кулагыңдын өлүк-тиригин көрөйүн, жарманын баарын эле ушул ичет,– дейт каарданып.

– Ооба, мен жалгыз ичем, мен ошондоймун,– дейт күйөөм жеңесинин каар, чаар сөзүн чиркей чаккандай көрбөй. Анан мыскылдап сыртка чыгып кетет. Сөзү жоопсуз калганына теригип, үнү-

сунушуна көнгөн жокмун. Каршы болуп, атам менен энемди таштап кетким келген жок. Бул аларга майдай жакты. Ошентип биздин жашоо-турмушубуз айылда өтмөй болду.

Жолдошум айылдык клубда киномеханик болуп иштей баштады. Мындан сырткары колхоздун аркандай жумуштарына кол кабыш этет. Сакманга барат, сугат, кыркын, чөп чабык, жыйноо сыяктуу чарбалык жумуштар биринин артынан бири кезектешип келип турчу. Бул жумуштарга кары-картаң, жаш балдар эле барбай калбаса, калың журт жапа тырмак чыкчу. Анда мезгилдин талабы абдан күчтүү болгон. Жаз келгенде мен дагы сакманга бармай болдум. Биз сакманга жолдошумдун аталаш агасыныкына бардык. Алардыкына көп эле киши барган экен. Жеңебиз сакманга келгендерди кирип-чыгып жемелей берген аял экен. Көбү анын албуут кыялына чыдай алышпай, кетип калып жатышты. Жолдошум экөөбүздү кулдай жумшашты. Өзүбүзгө бөлүнгөн козуларды багабыз. Үйгө киргенде нан,

тамак, жарма жасамай, тыным жок. Менден башкалар малын жайлап келишип, буттарын сунушуп, жай баракат эс алып отурушат. А менде беш мүнөт да эс алуу деген жок. Аябай катуу жүдөдүм, арыктадым, эки айлык балам боюмдан түшүп калды. Догдурга алып келип, апамдар ийне сайдырып дарылатышты. Сакманга кайра баргым келбей турду эле, «эми бир аз чыдагыла, силерден башка киши аларга чыдабайт» деп, апам суранып туруп алды. «Макул» дегенге араң жарадым. Кайра кеттим. Ошондо дагы жаным тынган жок. Мен өтө катаал, тамакка кароо, колу тар, тили уу аялды биринчи көрүшүм. Жада калса күйөөмдүн дагы жанын койбойт.

– Делдейген кулагыңдын өлүк-тиригин көрөйүн, жарманын баарын эле ушул ичет,– дейт каарданып.

– Ооба, мен жалгыз ичем, мен ошондоймун,– дейт күйөөм жеңесинин каар, чаар сөзүн чиркей чаккандай көрбөй. Анан мыскылдап сыртка чыгып кетет. Сөзү жоопсуз калганына теригип, үнү-

нүн болушунча мага кыйкырды:

– Сен эмне турасың жалдырап, өлүк-тиригиңди көрөйүндөр, булардын биринен да мага жакшылык жок,– деп мага акшыя карады.

– Апа, баардык оокатыңызды жасап жатам, мен эмне күнөө кылдым?

– Сен дегенди абысын дейт,– мага ачуулуу карады.

– Аа, мен сизге абысын болгонум үчүн күнөөлүү экенмин да?

Айла жок чыдадык. Биз эки ай дегенде бутубузду сүйрөп, арыктап, үйгө араң келдик. Кийинки 1972-жылы балалуу болдук. Атын атам өзү койду. «Баламды менин жаныма төшөк салып жаткырчы, бышылдап дем алганын угуп турайын» деп, бурч жакка өзү отуруп алаар эле. Атамдын бул отуруушу чексиз бактылуулук, бул дүйнөдө жашоосуна ыраазы экендиги жүзүнөн байкалып турду. Биз атам менен апам барда баланы карагандан уялчубуз. Түнкүсүн силер басып аласыңар деп, баланы эмиздирип алып, өздөрү койнуна

алып жатышчу. Байкуш атам, небересин бир ай гана койнуна алып жатты. 1972-жылы 19-апрелде кырсыктан улам жарык дүйнө менен кош айтышты.

Атамдын ден соолугу жакшы, отуруп турганы тың, жетимиш беш жашта болсо да өзүн жеңил алып жүрчү. Карасаң кырсыкты: заматтын ортосунда арабыздан ажал алып кеткенин. Болбосо жаныбызда небересин жыттап, жыргап отурбайт беле. Ушундай кырсык болоорун өзү сезди бекен? Оо тагдыр, кандай гана таш боорсуң, ушинтип күтүүсүз кырсык заматта кайгы-муңга салып койду. Жолдошум экөөбүз ар кимдин эле оозун карайбыз, кимиси эмне айтат деп. Бизге кеңешип, кептешип, акыл айткан деле киши жок, жашпыз да. Тоодой киши өлүп жатса, «эми булар кантээр экен» деп, сын көз менен карагандар да көп экен. Жолдошумдун Чүйдөн келген таякелери кеп-кеңеш берип турушту. Атамды үч күн дегенде кара жерге бердик. Мен үчүн атамдын өлүмү өтө оор жоготуум болду. Анткени, атам мени абдан жакшы көрчү. Өз атамдай болчу.

Таалайым тайкы экен, кудайым мага атадан айтпаптыр. Атам экөөбүз отуруп чай ичип, кобурашчубуз. Кечке жуук «баягы тишке жумшак тамагыңдан жаса, балам» дечү эле. Мен анын жакшы көргөн мантусун жасап берчүмүн. Ал небересин улам карап коюп, кыңылдап ырдап отура берчү. Атамдын өлгөнүнө бир ай болот дегенде, балама суук тийип катуу ооруп калды. Кочкордо ооруканага жатып калдык. «Балаңды кара, өзү кичинекей арык болсо, ооруп калбасын» деп айткан бир адам болгон жок. Атам каза тапкан күндөн бери, жаным жай албай чуркап жүргөнүмдө бала каралбай калды. Өлгөндөн жүрөгүм калган жаным, «балам өлүп калат экен» деп, коркуп, ыйлап жүрдүм. Эки-үч күн бою жакшы дем ала албай, кыйналып кысталды, деми кыстыкты, жөтөлүп ыйлады. Догдурлар төрт-беш маал ийне сайышат. Бешинчи күн дегенде өзүнө келип, кабагы ачылып, күлүп калды. Биздин ал-ахывалды сурап, үйдөн келген деле киши жок. Атамдын кыркылыгы да болуп калды. Мен киши

бе деле кайылмын, иши кылып балам сакайып кетсе дегенде ак эткенден так этем, уйкум качат, санаам алда кайда кетет. Ооруканадан он беш күн дегенде үйгө чыгып бардык. Атамдын кыркын беришиптир. Мурда эл көп болуп, атамдын жогу билинбей турган экен, эми эл аягы суюлганда атамдын орду бош, ээнсиреп зээнимди кейитти. Апам менен күйөөм жумуштарына кетишет. Мен үйдө жалгыз калып, атамдын отуруп-турганын элестетип тураар элем. Кичүү кайнимдин болсо ойноп, токтоно албай турган чагы.

* * *

Жаз өтүп, жай мезгили да келип калды. Биз атамдын мүрзөсүнө, бейит башына бардык. Эстелик тургузулду. Күздө ашын берип, парзыбыздан кутулдук. Турмуш агымы тыным албастан өз нугу менен өтүп жатты. Адамдын жашоосунун бүгүнкүсүнөн эртеңкиси кызык окшобойбу. Биздин үй-бүлөбүз жаш баланын кылыгын көрүп, тим эле же-

тине албай турабыз. Наристенин жыты, күндө бир жаңы чыккан кылыгы, талпынганы, жоругу адамды жашоого кумарлантып, үй-бүлөдө анча-мынча түшүнбөстүктөрдү унуткартып, көңүлүң тазарып турат экен. Менин тың, таза, ар ишке жөндөмдүү, намыскөй экенимди көрүшүп, абысындарым көз-көрүнөө эле апама арактан жуткуруп коюшуп, мага каршы ар кандай ушактын түрлөрүн айтышып, каалагандай калчашып, тукуруп турушту. Апам болсо, «ушул менин өз келиним, кеп-сөздүн чындыгына жетпей туруп мен эмнеге башкалардын сөзүн угушум керек?!» деп акыл калчап, калыс кебин айталбады. Апам жарыктык, ким мурда сүйлөсө, ошол кишинин сөзүнө ишенип, терең ойлончу эмес. Төркүнүм алыс болсо, мага болуша турган да киши жок. Аларга жолдошум эч нерсе деп айта албайт. Кээде ызама чыдабай, кетип калсамбы деп ойлойм. Бирок, баламды кантип бозортуп таштап кетемин деп ойлонуп, эмне кыйынчылык болсо да чыдап, өзүмдү-өзүм бекем кармоону чечтим. Анын үстүнө,

ал убакта кыздын күйөөдөн ажырашып келгени өтө одоно көрүнүш болчу. «Баланчанын кызы күйөөдөн чыгып келиптир» деген айың сөздү төркүнүмө угузгум келген жок. Намысыма бек турдум.

* * *

Сагынганда, туулган жердин ыйык абасы менен топурагынын жытын искегим келип, август, же июн айларында эки күнгө болсо да, жетип барам. Үйдөгүлөргө, туугандарыма учурашып алып, жакын делген Байтөөлөнүн карагай, черин аралап, чайыр, гүл, топурак жыттанган абасынан терең-терең дем алып, көп убакытка чейин эс алып отуруп, анан Байтөөлөнүн кырына чыгып, айланага көз чаптырам: Ат-Башы өрөөнү алаканга салгандай толук көрүнөт.

– Эх, менин ыйык, асыл жерим. Мен сени кандай гана сагынганымды сурабай эле койчу,– деп күңгүрөнүп алам.

– Ыя, эмне дейсиң? – деген жолдошум чочуп кетет.

– Ие, эч нерсе эмес.

– Сүйлөдүң го?

Өзүмчө эле... ушу менен сөз бүтөт. Менин ички жан дүйнөм туулган тууруума, бала кезде жылаңайлак бойдон тикенге карабай чимирик атып чуркаган, таманды чөмөөргө тилдирип, канаткан балалыгым, азоо тентек кыялдарым менен жуурулушуп жатканымды ал кайдан билсин, кайдан туйсун? Алыстан Байдөөлөттү, андан ары асман тиреген улуу чокуларды, аркайган кылыч миздүү, найза учтуу аскаларды сагынып келгенимдин себеби да ушунда, жүрөк түпкүрүндө жатпайбы. Атаганат, сезимге чок салган, от салган балалыгым кол жеткис болуп коштошуп калган тура.

Апам да барган сайын турмуш оор боло тургандыгын, чыдамдуу болуп, кыйынчылыктарды жеңе билишимди айтып, талап кылчу.

* * *

Агам армиядан келгенден бери Ак-Сай жайлоосундагы жаңы маданият борборунда фельдшер болуп иштеп кал-

ды. Апам баягы эле колхоздун ар кандай жумуштары менен алек. Сиңдим мени менен бирге окуган Токторбайга турмушка чыгып, алар бир балалуу болушкандан кийин, Токторбай армияга кеткен. Эки жылдык аскердик милдетин өтөп келгенден кийин, Ак-Сайга көчүп келишип, малчы болуп калышты. Энемдин да көзү өтүп кетти, бейиши болгур. Байкуш энем, жалгыз баласынын күйүтүн тартып жүрүп, бул дүйнөдөн кете берди. Канча жыл өтсө да, эне жүрөгү баласын унутпайт эмеспи. Биздин энеме куран окугандан башка, колубуздан эмне келмекчи?

* * *

Байкем 1974-жылы Ак-Муз айылынан болгон Кымбат жеңеге үйлөндү. Үйүбүзгө көптөн бери көксөп жүргөн жакшылык кулачын жайып жадырап кирип келди. Апамдын жүзү кубанычтан албырып, сүйүнгөнүнө чек жок. Эл-журт куттуктап келсе, карбаластап берээрге ашын таппай, жалынып-

жалбарып калдалактап чуркап жүрөт. «Жалгыз балаң бала-бакыралуу болуп, өмүрлүү, бактылуу болсун» деп бата берген эл узап жатышты. Мартта мен экинчи кызымды төрөдүм. Кызым бир жаштан ашып калганда, «кайнагаңдар жалгыз калышты, кызыңарды эрмек кылсын» деп апам Жыпарды берип салды. Ал кезде кайдан «кызыбызды бербейбиз» деп шарт айтуу?! Андай салтта болгон эмес. Сакманга барган боюнча, ошол жерден алып калышкан. Кап десең, ошондо ичимдин күйгөнүн айтпа, жашырынып боздоп ыйлап алаар элем, кызымдан биротоло айрылып аткансып.

Оо, тагдыр! Бирөөлөр үчүн өтө эле жеңилсиң, бирөөлөргө оорсуң. Адам баласы мындай убакта сабырдуу, эмгекчил, чыдамкай, сарамжалдуу болушу керек экен. Башкасын айтпаганда да, адамкерчилик, улууларды урматтоо, жолдошумдун туугандарын жана жоро-жолдошторун сыйлап, алар менен тил табышып кетүү – менин негизги адамдык парзым деп эсептедим.

1975-жылы үчүнчүсүн, эркек төрөдүм. Атын Бектен деп койдук. Ушул уулум менен алаксып калдык. Апам болсо Жыпарды берээрин берип коюп, «кызымды эмнеге бердим экен, көзүн алайтып мени карады, башка кызым болсо да бир жөн эле» деп кейип жүрдү. 1976-жылы 14-ноябрда дагы эркек төрөдүм, Муса атадык. Жыпар, Муса, Бектен бир жаштан эле төрөлүштү. Ал кезде төрөгүчө эки ай, төрөгөндөн кийин эки ай декрет отпускасын берчү.

Кийин балабызды бешиги менен кошо алып, сакманга барып жүрдүк. Чоңураагы апасы менен калчу. Биз чынчынында абдан оор турмушту башыбыздан өткөрүптүрбүз: Жаштыгыбыз менен билбей калыптырбыз.

* * *

Жылдар өтүп жатты. Балдарды багуунун түйшүгү оңой эмес экен. 1979-жылы апам ашказаны ооруп, догдурга барса, ашказанында жара бар экен. Мүнөздөп тамак ич деп догдурлар айт-

кан менен, аны кармаган жок. Экинчи жолу Токмокто ооруканага жатты. Догдурлар «үйүңөрдө бага бергиле» деди. Ошо менен апам үйдө бир жарым ай төшөктө жатты. Абысыным экөөлөп багып калдык. Эртең менен кайын эжем келип ийне сайчу. Ошол күнү апам ийнени деле сезген жок. Мен апамдын аяк жагында отургам. Көзү жумулуу болчу. Оозунан көк буу чыккансып калды. Көрсө, апамдын жаны ошондо чыгып кеткен белем? Мен кайдан билейин, ийне сайса эс алат деп отургам да. Кайын эжем сырттан абысындарымды чакырып, башынан жаздыктарды суурup алып, бетин ак чүпөрөк менен жаап салышты. Апамдын өлгөнүн мен ошондо түшүндүм. Бутун кармасам, муздап калыптыр. Бул 1980-жылдын июну эле.

Апамдын өлүмү биз үчүн турмуштун эң кайгылуу, абдан оор экинчи соккусу болуп калды. Бир жолу абысындарым «жыртыш камдап койбойсуңбу» дешип мага көз көрүнөө кол салышты. Анысы аз келгенсип Дайырды ары-бери тоголотушуп: «Сен эмнеге ыйлабай-

сың?! сени баккан!» – дешип, уруп жатышат. Бакса деле ал эси кирелек бала да. Ал убакта жыртыш айырмай, өлгөн адамдын кийимдерин боз үйгө толтура кылып илмей, чачыла таратмай, бир кой, эки жылкы соймой, келген кеткен кишилерди конокtомой... «Артында калган балдары эмне болот?» деген эч кимдин санаасында жок. Бул жолдошумдун башындагы мүшкүл иш эле. Биз бул турмушту чыдамкайлык менен көтөрүп, жашап жаттык. Кайним Казакстанда аскердик милдетин өтөп жүрөт. Апам өлгөндө келе албай калды. Жалгыз уйду байлап семиртип, күздө апамдын ашын бердик. Ошентип апам байкуштун дагы милдетинен кутулдук. Жума күндөрү колубуздан келген тамагыбызды жасап, Куран окутуп турaар элек. Биз аш бергенден кийин кеч күздө кайнагамдар Чүйгө көчүп кетишти. Баккан малы кем болгондуктан, колхоз өткөрүп алды. Кайнагамдын жетпеген малына жолдошум беш жүз сом ссуда алып, төлөп берди. Ал кезде беш жүз

сом чоң акча болчу. Бул ссуданын акчасынан жылына пайызын төлөп отуруп, көп жылда кутулдук. Биздин бул жакшылыгыбызды эч ким деле билген жок, кайнагам баалаган да жок. Чүйгө көчүп жатканда Жыпарды кайра бизге берген. Апам өлөөрүндө «кызын өзүнө бергиле, балаң балалуу болду» деп керээзин айткан окшойт. Абысыным болсо, «кызын алып калды» деп мага каршы ушак таратып кетиптир. Ушагына мейли, баламды өз колума алганыма сүйүнүп жүрөм.

1981-жылы Жандайды айылдагы акушерлердин жардамы менен үйдө төрөдүм. Төрөгөндөн кийин уйкум келип, магдырап эле кетип баратам.

– Жеңе көзүңдү ач, уктаба,– деп бетиме суу чачып, чапкылап калды.

– Ии, макул.

Көзүмдү ачканга аракет жасадым. Мага эч нерсе деле билинген жок. Эки догдур ары-бери чуркап, көздөрү алаңдап, корккон түрлөрү бар. Ийнесин сайып жатышат.

– Эмне болду мага? Тон калып калдыбы? – араң жатсам да суроо салганга жарадым.

– Жок жеңе, эч ойлонбоңуз. Жөн жатыңыз,– дешти. Бала болсо чаңкылдап ыйлап жатат, кыз экен. Булар эмне мынча күйпөлөктөйт десе, көрсө кан кетип, токтобой жаткан тура. Догдурлар көпкө кете алышпай, айланчыктап жүрүштү. Балдар сыртта жүрүшөт. Улам-улам терезени карап коюшат. Жарыкка келе турган ымыркайды чыдамсыздык менен күтүп жатышкан тура. Бир убакта көрүнбөй калышкан. Көрсө балдар «апам төрөп, силерди чакырып жатат» дешип, айылды түтүнмө-түтүн кыдырып кетишиптир. Эртеси туугандар куттуктап келишип, кечээки балдардын жоругун айтышып, кыраан каткы күлүп жатышты. Сүйүнчүлөйбүз деп барышса керек да.

Күзүндө айылдын бала бакчасына нянька болуп иштеп калдым. Баланы көтөрүп, Мусаны ээрчитип, эртеден кечке жумуштабыз. Кечинде үйгө келип тамак жасап, балдардын курсагын

тойгузуп жаткырып коюп, үй жыйнап, кир жууп, нан жасап, андан кийин жатып эс алаар элек. Кайним армиядан келгенден кийин, Чүйдөгү таякелер жакта мектепте сүрөт мугалими болуп иштеп калды. Өзү сүрөткө абдан шыктуу болчу.

1982-жылы мектептен онду бүтүп жаткан Гүлжанга үйлөнүп алды. Чүйдүн Жаңы-Алыш айылында отурукташты. Бала-бакыралуу болушту. Ар кимибиз өз үй-бүлөбүз менен алектенип, төркүнгө анда-санда барам. Байкем да төрт балалуу, сиңдим беш балалуу болушту. Бала бакчанын жумушу да оор: Кечке балдар менен алышасың. Прачкасын да кошуп койгон, дем алышта кир жуумай. Анысы аз келгенсип, кышкысын от жагуу да менин мойнумда. Баарысы биригип болгону жетимиш сом. Чыдасаң иште, чыдабасаң жок дегендей эле мамиле кылышкан экен. Бала бакчада алты жыл иштедим. 1986-жылы Айдайды төрөп, иштебей калдым.

Балдарымдын түйшүгү, сыртта чарбачылык, бирин-экин мал менен күндүн кандай батып, кантип таң атып жатканы билинбей, өмүр өтүп жатты. Жолдошум жумушка таң ата кеткен боюнча, үйгө жатаарда келет. 1982-жылдан бери айылда электрик. Алган айлыгы жакшы, эл ортосу болуп жашап жатабыз. Айдай кичинекей болгондуктан, мен эки жакка баралбай калдым. Анда-санда апам неберелерин ээрчитип келип турат. Байкем менен сиңдип жумуштарынан колдору бошой калганда учурашып кетишет. Алар деле өз бала-бакырасынан чыга албай калышты. Апам байкуш келгенде жөн отуруп эс албастан, бүтпөй калган шырдагым, же курактарым болсо бүтүрүп, анан кетээр эле. Жарыктык, тынымы жок киши болчу.

Июль айынын бир күнүндө Айдай ооруп калды. Ичи өтөт, «ичи өтсө эмне болмок эле» деп, дары берип үйдө эле кармап турганбыз. Үч-төрт күн болгондо алы кетип, бала көзүн ачалбай калды. Мен шашып, кечки автобус ме-

нен Кочкорго жөнөдүм. Жолдошум да Кочкорго жумуштап кеткен, жолдон табыштык. Ооруканага кирген эле жерден догдур «эрте алып келбейсиңер» деп урушту. Айдайды чечиндиришип, колубуттарынын тамырларына дары куюп, тамчылатып жатышат. Бир топтон кийин ороп алып келишти. Этинин ысыгы басылып, уктап калыптыр. Баламдын өмүрүн кудайга жалынып, тилеп отурам. Айдай түнкү саат бирлерде көзүн ачып калды. Кудайга миң мертебе ыраазымын. Догдурлар бер деген дарысын берип, эмчек эмизсем, кичине татмалап туруп кайра уктап калды. Бул жолу догдурлар Айдайды ажалдын оозунан көрүнөө көзмө-көз сууруп алышты. Сыртта топурап турушкан туугандар дагы санаалары тынчып, таркап кетишти. Ошондогу Айдайдын алсыз үнү, көзүн ачалбай жатканы эмдигиче көз алдыма тартылып турат. Ооруканадан айран ичип көнүп алган Айдай, үйгө келгени эмчек эмбей калды. Балдар Айдайды алмак-салмак көтөрүп жүрүп

чоңойтушту. Уктаганда гана тынч жатып калбаса, ыйлаак болчу.

Үйдөгү майда-чүйдө жумуштарды балдар койбой бүтүрүп калышты. Койдун кезүүсүн да төртөө төрт жагынан чыгышып, кайтарып келишет. Балдардын чоңоюп калганы ата-энеге бир топ жөлөк болот экен. Биз, айылдагы келиндер бири-бирибизге атаандашып сайма сайып, ала кийиз, шырдак жасап, курак курап, жаныбыз тынбай калды. Анын үстүнө ата-эненин милдети деген бар эмеспи. Кыздарга сеп камдамай, балдарга аял алып берип, өз энчилерин бөлүү, окуйбуз дегенин окутуп, иштөөчүсүн иштетип, уядан учуруу – бул чоң эмгек башыбызда турат. Адам баласы тээ Адам ата, Обо эне жаралгандан бери эле «балам» деп болгон күчүн, эмгегин, сүйүүсүн арнагандай эле, колубуздан келген аракетибизди арнайбыз да...

*Уландысы бар*

## ЖАРЫМ СЕКУНД

Жолдубай ата менен Гүлчө апалар эрте жазда эле малына карап, тоого көчүп кетишет. «Айылда жата бергенде эмне, андан көрө малды караганча бээ саап ичип, таза абадан дем алып, козу бышканда балдар келген сайын, бирден көтөрүп чаап союп, жеп коюп жата берели» дешет. Анын үстүнө балдарга да жөлөк эмеспи. Гүлчө апа тоосуз жашоону элестете албайт. Бала күнүнөн эле тоо менен чоңоюп, тоо менен карыды. Күзүндө тоодон түшкөндө, эки-үч күндөн кийин эле тоо жакка кылчак-кылчак карай берет. Тоодогу кичинекей үйүндө керектүү оокаттарын бекитип коюшат. Айылдан анча-мынча бир салым жууркан, казан-аякты деле көп албайт. Көпчүлүгү тоого тамак-ашын, малга туз, жем алып жеңил унаа менен эле кете беришет. Быйыл койлорду коё туралы, тууп бүтсүн деп, жылкыларын айдап келе беришти. Өйдө бет алган-

да баягы жайлоого баратканын сезген жылкылар, эки жакка карабастан түз эле жөнөштү. Адам эмес, жаныбар деле билет туулуп өскөн жерин. Короого айдап келсе, туз салып коючу аштоого барып, туз жешип, андан кийин бир кыр ашканда суу бар, суудан кере жутуп алышып, анан шашпай басып оттоп кетишти. Бул жактан эмнегедир мал бат ирденет. Тоо таштуу келип, андай деле чөп узарып чыга албайт. Чоң суунун аркы өйүзүндүгү көк жайык болуп, түзөңчө келген жайлоого салыштырмалуу, алыстан карасаң бозоруп эле турат. Бирок, бетеге, шыбак, майда гүлдөрдүн түрлөрү жана коктуларда чийлер өсөт. Малды бачым ирденткен кум кайрак бетеге менен шыбак болот тура. Мал бир-эки аптада оюн салып калат. Жолдубай ата кырга чыгып малын карап коюп, эки жакка көз жүгүртүп эрмек кылат. Гүлчө апа отун өчүрбөй калап, үстүнө тамак асып, бир жагына чайын кайнатып, камдап турат. Абышкасы үйгө кирсе чай иче бермей адаты бар.

Дасторкон дайыма чайга даяр болуп, үстү жайнап турат. Жайлоодогу үйүнүн полу жок болгону менен суу сээп, таза шыпырып коёт. Оокаттары ирээттүү, өз ордуларында. Балдары үйлөнүп-жайланып, өз бала-бакырасы менен өздөрүнчө турушат. Алардын өздөрүнчө каалагандай жашоосуна кедерги болушкан жок. Небересин окуудан тараганда алып алышат. Кыйналган деле жумуш жок. Эгер оор жумуштары болсо, балдары келип бүтүрүп берип турушат. Жылда Гүлчө апа түшкө чейин майда-чүйдө жумуштарын бүтүрүп коюп, түштөн кийин кырга чыгып, абышкасынын жанына отуруп алып, көңүлү эргип турганда, жөн отурбастан жазмаларын жаза калуучу. Быйыл келгенден бери үйүн ирээтке келтирип, анан сыртын карагыча Гүлчө апа өзүн башкача сезип жатат. Бети, оозу чымырап, кайра тарап кетет да, кайра башталат. Абышкасы келгенде айтсамбы, айтпасамбы деп турду эле, кайра кармады.

– Ийе абышка, мен өзүмдү жаман сезип турам.

– Эмне болду? Кай жериң ооруп турат? – деп үстөкө-босток суроо берип кирди.

– Билбейм, дене башым чымырап турат.

– Кой, анда балдарды чакырайын, бар дарыгерлерге көрүнүп кел! Кой, бар! – деп күбүрөнүп балдарына коңгуроо кылып, шаштысы кетип калды.

– Балким барбай эле коёрмун, тарап кетээр,– деп олтура калды.

– Жок болбойт, бар, сөзсүз бар. Дары жазса дарысын алып кел, жат десе жат,– деп Жолдубай ата шаштырып отуруп, жолго салды.

Үйдөн унаа менен чыккан соң, биринчи кызынын үйүнө келишти. Улуу кызы медик болгондуктан, Гүлчө апаны көрүп эле больницага алып жөнөдү. Больницага келээри менен баягы кайра башталды. Бул жолу дарыгер кан басымын ченегиче денеге муз тоңуп калгансып, жансыз болуп калды. Көрүп жаткан дарыгер карбаластап калды. Медайымдарга кыйкырып:

– Капельница алып кел, куй!

– Дарыны оозуна чачыратып! – деп Гүлчө апаны жаакка чапкылады.

– Ач көзүңдү, ач! – деп кыйкырып жатты.

Гүлчө апа кулагы менен баарын угуп турса да, көзүн ача албай жатты.

Дарыгер кыздарды чакырып:

– Көтөргүлө, реанимацияга алып чыккыла! – деп сүйлөп жатты. Калган сөздөрү даана угулбай, алыстап бара жатат. Гүлчө апа эмнегедир жаны тынч алып, мемирегенсип баратты. Өмүр менен өлүмдүн ортосун анча-мынча убакыт гана чечип койчудай. «Ие, өлүм деген ушу турбайбы» деп тагдырына баш ийди. Келме келтирейин десе тили күрмөөгө келбей койду. Улам-улам кайталайт, бир убакта тили кыймылдап келме келтирип жиберди. Мурдуна кислород тага калышканда бир топ жардам берди окшойт. Эки колунан кан ала алышпай жатат. Кан уюп калыптыр. Мурунку куйган уколдун таасириненби, көзү күңүрттөнүп көрө баштады. Кан коюлганда тамырдан дары кетпей калат экен да. Улам токтотуп,

кайра жиберип, эки кыз убара болууда. Тамырдан куя турган дарысы да, өмүр азыгын ушул тамчылар бере турган сыяктуу акырындап тамчылай баштады. Бир кезде көңүлү айнып кускусу келип, башы ооруп чыкты. Өзүнө келген Гүлчө апа кусайын деп, кусуп деле жарыткан жок. Эртеден бери эч нерсе сезбей эле жаткан эне, кыймылга келип суроолорго жооп берип калды. Гүлчө апа өзүнүн көңүлүндө «инфаркт го» деп жатты эле, оюю туура чыкты. Себеби: апасы да ушундан каза тапкан. Мындай оору менен ооруган адамдын тагдырын жарым секунд эле чечип коёрун ошондо түшүндү. Бул дарыгерлердин иши абдан жоопкерчиликтүү, өтө татаал жумуш экенин мурда эле билчү. Бул жолу аларды аяп, боору ооруп калды. Негизи, биз, адамдар, доктурларга майда-чүйдө күнөө коюп, болбогон сөздөрдү сүйлөй беребиз. Гүлчө апага окшогондордун чымындай жанын коргоп калганда, ак халатчандардын кызматын анан баалаcа керек.

## МАЗМУНУ

**Ырлар**

Капамын ....................................................3
Сактап ал ..................................................3
Ат-Башым ...................................................4
Чоң түп карагат .........................................6
Тоолорго толгонуу ......................................7
Баа жеткис жаштык .....................................8
Көңүл бурсак ..............................................9
Эки жаш жана мен .......................................9
Бир адамга.................................................11
Кыялымда .................................................11
Балама насаат ...........................................13
Кыргыз тилге.............................................14
Курдашка ..................................................15
Доктур Кубатка...........................................15
Эргүүм менин.............................................16
Жеңекем ...................................................16
Жайлоо жыты.............................................18
Жайлоолордун атыр жытту абасы, ..........18
Жашоо жолу..............................................18
Бүгүнкү күн...............................................19
Күлүктөр ...................................................19
Жылдызайга..............................................19
Жай айы ....................................................20
Догдур кызга ............................................21

Элге тартуу ............................ 22
Жубайыма ............................ 23
Сагызган менен булбул ............................ 24
Келинге кыйыр сөз ............................ 25
Ыр келет ............................ 26
Майрамбекке тилегеним ............................ 27
Кырсык ............................ 28
Жаңы келинге ............................ 29
Жаза берем ............................ 29
Теңтушка ............................ 30
Кудама каалоо ............................ 30
Жанболотко ............................ 31
Таң шоокуму ............................ 31
Жаңы жыл ............................ 32
Түшүмдө ............................ 32
Узун кеткен жаркыраган зал экен ............................ 32
Ысык-Келгө кайрылуу ............................ 33
Арман ............................ 33
Ким билет кимдин арманын, ............................ 33
**Кенже балдар үчүн**
Апаңардын тилеги ............................ 34
Неберелерге ............................ 34
Эжейге белек ............................ 35
Жаңы мектепке арноо ............................ 35
Тегерек-Булак ............................ 36
Сулуу аяш ............................ 37
Көл жээгинде ............................ 39
Себебим ............................ 39
Күнөөлү болдум эмнеден? ............................ 40

Кабылдык кандай абалга .......................... 40
Жаздагы кыял .......................................... 41
Тентегим ................................................. 41
Эгиздерге ................................................ 42
Бүркүт менен түлкү ................................. 43
Келинге .................................................... 43
Бир үзүм өмүр (Повесть) ........................... 45
Жарым секунд .......................................... 93

*Көркөм-адабий басылма*

**Жумалиева Күлүйпа**

**ЖАРКЫН**

*Ырлар, повесть*

Редактору *Садык Гавай*
Компьютерде калыпка салган *Терибаева Р.*

Басууга 30.03.2017-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы $70x90^{1}/_{32}$.
Көлөмү 6,75 б.т.
Нускасы 100.